**Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы**

# Кыргыз Республикасында инфляция боюнча баяндама

## 2012-жылдын IV чейреги үчүн

**2013-жылдын февраль айы**

**Бишкек**

***Кыргыз Республикасындагы инфляция боюнча баяндама***

Редакциялык кеңеш:

Төрага: Абдыбалы тегин С.
Кеңештин мүчөлөрү: Урустемов С.А.
Исакова Г.А.
Бердигулова А.Р.

Жооптуу катчы: Айдарова А.К.

Басылманын мазмунуна байланыштуу маселелер боюнча:
Кыргыз Республикасынын Улуттук банкына
Бишкек шаары, Т.Үмөталиев атындагы көчө, 101 дареги боюнча,
(996 3312) 669 051 телефону,
(996312) 610 730 факсы
aaidarova@nbkr.kg электрондук дареги боюнча кайрылсаңыздар болот.

Басылманын таркатылышына байланыштуу суроолор боюнча:
Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы
Бишкек шаары, Т.Үмөталиев атындагы көчө, 101 дареги боюнча,
(996 3312) 669 009 телефону,
(996312) 610 730 факсы аркылуу кайрылсаңыздар болот
Электрондук почта: pr@nbkr.kg
http://www.nbkr.kg

Басылма, республикадагы жана анын региондорундагы керектөө бааларынын динамикасынын чагылдырылышын жана инфляциянын негизги факторлорун иликтөөлөрдү, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын акча-кредит саясат жагындагы чечимдери жөнүндө маалыматты камтыйт жана анда келерки мезгилге инфляциялык болжолдоолор келтирилет. Чейрек сайын кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланып турат.

Басылманын маалыматтарын жаңыртуунун акыркы күнү: 2013-жылдын 15-февралы.

Уюштуруучу: Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы.

Басылма, Кыргыз Республикасынын Адилет министрлигинде каттоодон өткөрүлгөн, жалпыга маалымдоо каражаттарын каттоо жөнүндө 628-номериндеги күбөлүккө ээ.

ЖЧК "Издательство "Позитив" полиграфия комплексинде басууга даярдалды жана басылып чыгарылды.
100 нускада чыгарылат.

© Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, 2013-жыл.

Басылма, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын уруксатысыз кайрадан басылып чыгарылууга жана кайсыл формада жана кандай каражаттар аркылуу болбосун таркатылууга тийиш эмес. Басылманы көчүрүп басууда жана которууда «Кыргыз Республикасында инфляция боюнча баяндама» басылмасына милдеттүү түрдө таянуу зарыл.

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын басылмалары

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын жылдык отчету***
Аталган басылма, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын өткөн жыл ичинде бүткөргөн иши жөнүндө отчету болуп саналат. Ал республиканын экономикалык өнүгүүсү, Улуттук банктын акча-кредит саясаты жөнүндө кыскача маалыматты, финансылык отчетун, Улуттук банк жөнүндө жалпы маалыматтарды, статистикалык тиркемелерди камтыйт. Кыргыз, орус жана англис тилдеринде басылып чыгарылат.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын бюллетени***
Ай сайын чыгарылуучу маалыматтык басылма, Кыргыз Республикасынын негизги макроэкономикалык көрсөткүчтөрү жана экономика секторлору боюнча статистикалык маалыматтарды камтыйт. Ай сайын кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарык көрөт.

***Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми***
Басылма, Кыргыз Республикасынын тышкы секторунун өнүгүшүндөгү тенденцияларды жана төлөм теңдеми, тышкы соода, эл аралык камдар, тышкы карыз, эл аралык инвестициялык позиция боюнча маалыматтарды камтыйт. Басылма, чейрек сайын – январь, май, июль жана октябрь айларында кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланып турат.

***Банк тутумунун өнүгүү тенденциялары***
Финансылык ортомчу катары Кыргыз Республикасынын банк тутумунун өнүгүшүнө иликтөөлөрдү жүргүзүү, турукташууга жетишүүдө жана аны колдоп турууда орун алган тоскоолдуктарды, ошондой эле бүтүндөй банк тутумунун турукташуусунун курамдык элементтерине баа берүү, аталган басылманын максаты болуп саналат. Басылма, жарым жылда бир жолу кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланат.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик актылары***
Басылма, коммерциялык банктарга жана коомчулукка Улуттук банктын иши жөнүндө маалыматтарды жарыялап туруу жана Кыргыз Республикасынын банктык мыйзамдарын пропагандалоо максатында, Улуттук банктын ченемдик актыларын расмий жарыялоого багытталган. Айына бир жолу кыргыз жана орус тилдеринде чыгарылат.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын пресс-релизи***
Улуттук банктын пресс-релизи жалпыга маалымдоо каражаттары, юридикалык жактар жана жеке адамдар үчүн Улуттук банкка жана банк тутумуна тиешелүү окуялар түрмөгүн жана финансы рыногунда апта ичинде болуп өткөн орчундуу жана башка маалыматтарды камтыйт. Апта сайын кыргыз жана орус тилдеринде жарыяланат.

**МАЗМУНУ**


**1-ГЛАВА. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ ЭКОНОМИКАЛЫК АБАЛ................5**

1.1. Товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр рыногундагы суроо-талап жана сунуш..................5
1.1.1. Суроо-талап..........................................................................................................5
1.1.2. Сунуш....................................................................................................................10
1.2. Акча-кредит чөйрөсүндөгү тенденциялар........................................................13
1.3. Тышкы экономикалык шарттар.............................................................................17
1.4. Алмашуу курсу.......................................................................................................20

**2-ГЛАВА. ИНФЛЯЦИЯ ЖАНА АНЫ ТҮЗҮҮЧҮЛӨР.........................................................22**

2.1. Керектөө бааларынын индексинин динамикасын иликтөөлөр.......................................22
2.2. Азык-түлүк товарларына карата баа динамикасы..........................................................23
2.3. Азык-түлүктөн башка товарларга карата баа динамикасы.............................................23
2.4. Динамика цен на услуги.........................................................................................25
2.5. Кызмат көрсөтүүлөргө баа динамикасы...................................................................26
2.6. Базалык инфляция..................................................................................................26

**3-ГЛАВА. ДҮЙНӨЛҮК ТОВАРДЫК-ЧИЙКИ ЗАТ РЫНОКТОРУНА БАЯНДАМА.....28**

3.1. Дүйнөлүк азык-түлүк рынокторуна баяндама...........................................................28
3.2. Энергопродукциялар дүйнөлүк рынокторуна баяндама...............................................29

**4-ГЛАВА. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН АКЧА-КРЕДИТ САЯСАТЫ МАСЕЛЕРИ БОЮНЧА ЧЕЧИМДЕРИ............................................31**

4.1. Улуттук банк Башкармасынын негизги чечимдери.....................................................31
4.2. Акча-кредиттик жөнгө салуу комитетинин негизги чечимдери....................................32

**5-ГЛАВА. ИНФЛЯЦИЯ КӨРСӨТКҮЧҮН БОЛЖОЛДООЛОР......................................34**

5.1. Инфляциянын негизги факторлорунун динамикасына болжолдоолор..........................34
5.2. Инфляцияны 2013-жылга болжолдоолор...................................................................36

**СТАТИСТИКАЛЫК ТИРКЕМЕ..........................................................................39**

**ГЛОССАРИЙ.......................................................................................................43**

**КЫСКАРТЫЛГАН СӨЗДӨРДҮН ТИЗМЕСИ ........................................................ 47**


# 1-ГЛАВА. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ ЭКОНОМИКАЛЫК АБАЛ

## 1.1. Товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр рыногундагы суроо-талап жана сунуш

### 1.1.1. Суроо-талап

2012-жыл ичинде алынган алдын-ала маалыматтар боюнча ИДӨнүн көлөмү күндөлүк баада 2011-жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда реалдуу мааниде 0,9 пайызга төмөндөө менен 304,3 млрд. сомду түзгөн; ал эми 2011-жылы ИДӨнүн көлөмү 6,0 пайызга өскөн. «Кумтөр» алтын кен иштеп чыгуу боюнча ишканаларды эске албаганда, ИДӨнүн көлөмү кароого алынып жаткан мезгил ичинде 5,0 пайызга (2011–жылы ушул эле көрсөткүчтүн өсүшү 6,3 пайызды түзгөн) өскөн. ИДӨ дефлятору 2011-жылдагы 22,5 пайызга караганда 7,4 пайыз деңгээлинде түптөлгөн.

**1.1.1-сүрөт. ИДӨнүн жана акча которууларынын өзгөрүү динамикасы**
*(бир мезгил ичинде)*




Алдын-ала маалыматтар боюнча 2012-жылы жеке адамдардын акча которуулар системалары боюнча акча каражаттарынын агылып кирүүлөрүнүн өсүшү сакталып калган, бирок өсүш арым бир аз басаңдаган. Отчеттук жылда акча которуулардын таза агылып кирүүсү 17,5 пайызга көбөйүү менен 1 768,5 млн. АКШ долларына же ИДӨгө карата 28,4 пайызга жеткен, ал эми 2011-жылдын жыйынтыгы боюнча өсүш 33,8 пайызды түзгөн. Акча которуулардын жалпы көлөмүндө негизги үлүштү мурдагыдай эле, КМШ өлкөлөрүнөн (Россиядан – 96,5 пайыз, Казакстандан – 1,7 пайыз) түшүүлөр ээлешет. Алыскы чет өлкөлөрдөн түшүүлөр жеке адамдардын акча которууларынын жалпы агылып кирүүсүндө 1,9 пайыз чегинде катталган.


**1.1.1-таблица. Жеке адамдардын акча которуулар системасы боюнча акча которуулары**
*(млн. АКШ долл.)*

| | 2009 | 2010 | 2011 | 2012 |
|---|---|---|---|---|
| **Сальдо** | **893,2** | **1 124,9** | **1 505,4** | **1 768,5** |
| **Агылып кирүүлөр** | **966,7** | **1 252,6** | **1 695,4** | **2 017,9** |
| КМШ өлкөлөрү | 894,4 | 1 199,3 | 1 639,4 | 1 980,4 |
| Казакстан | 31,4 | 35,0 | 41,2 | 33,8 |
| Россия | 862,9 | 1 164,3 | 1 597,5 | 1 946,2 |
| Жана башкалар | 0,0 | 0,0 | 0,7 | 0,5 |
| Алыскы чет өлкөлөр | 72,3 | 53,3 | 56,0 | 37,5 |
| Бельгия | 0,5 | 0,2 | 1,4 | 0,0 |
| Улуу Британия | 1,4 | 1,4 | 1,5 | 1,2 |
| Германия | 0,7 | 9,9 | 15,7 | 9,5 |
| АКШ | 69,5 | 41,7 | 36,1 | 25,0 |
| Жана башкалар | 0,3 | 0,1 | 1,3 | 1,8 |
| **Агылып чыгуулар** | **73,6** | **127,6** | **190,1** | **249,4** |
| КМШ өлкөлөрү | 71,8 | 125,8 | 185,8 | 243,8 |
| Казакстан | 0,7 | 0,4 | 0,7 | 0,6 |
| Россия | 71,1 | 125,4 | 184,9 | 242,8 |
| Жана башкалар | 0,0 | 0,0 | 0,3 | 0,4 |
| Алыскы чет өлкөлөр | 1,8 | 1,8 | 4,3 | 5,6 |
| Бельгия | 0,2 | 0,5 | 0,6 | 0,3 |
| Германия | 0,4 | 0,3 | 1,4 | 1,4 |
| АКШ | 1,1 | 0,9 | 2,0 | 2,5 |
| Жана башкалар | 0,1 | 0,2 | 0,3 | 1,4 |

* Anelik, Blizko, Contact, Migom, MoneyGram, Western Union, Unistream, Золотая Корона, Лидер, Быстрая почта, Аллюр жана башка которуу системалары, "Кыргызпочтасы" МИ аркылуу которуулар.

Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин үй чарбасын тандап иликтөөлөрүнүн натыйжасы боюнча 2012-жылдын январь-март айларында калктын квинтиль топтору боюнча акчалай кирешелеринин түзүмүндө кирешелердин жалпы көлөмүнөн акчалай кирешелердин концентрацияланышынын үлүшү, көбүрөөк кирешелүү калктын пайдасына түптөлөт. Алсак, кыйла камсыз болгон топтун кирешелеринин үлүшү 2011-жылдагы тиешелүү көрсөткүчтөргө салыштырганда 6,2 п.п. төмөндөө менен калктын кирешелеринин жалпы көлөмүндө 41,8 пайызды түзгөн. Ал эми калктын азыраак камсыз болгон катмарынын 20 пайыздык топторунун кирешелеринин үлүшү 1,9 п.п көбөйүү менен 7,0 пайыз чегинде түптөлгөн.

**1.1.2-сүрөт. Калктын квинтиль топтору боюнча акчалай кирешелеринин түзүмү**
*(бир мезгил ичинде)*



Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгынын алдын-ала маалыматтары боюнча 2012-жыл ичинде мамлекеттик бюджеттин тартыштыгы 20,2 млрд. сомду же ИДӨгө карата 6,6 пайызды түзгөн (2011-жылы бюджет ИДӨгө карата 4,7 пайыз өлчөмүндө тартыштык менен аткарылган). Өлкөдө жыл жыйынтыгы боюнча түптөлгөн тартыштык деңгээли акыркы жылдардын эң жогоркусу болгон.

Финансылык эмес активдерди сатуудан кирешелерди кошо алганда, мамлекеттик бюджеттин жалпы кирешелери 2011-жылдагы ушул эле көрсөткүчкө салыштырганда 11,8 пайызга же 9,2 млрд. сомго көбөйүү менен 87,0 млрд. сомду (ИДӨгө карата 28,6 пайыз) түзгөн. Операциялык иштен кирешелер 86,8 млрд. сом же ИДӨгө карата 28,5 пайыз чегинде түптөлгөн. Операциялык кирешелердин өсүшүнө салыктык кирешелер (14,1 п.п.) салым кошсо, салыктык эмес кирешелердин салымы 2,1 п.п. түзгөн. Алынган расмий трансферттер 2011-жылдагы көрсөткүчкө салыштырганда 35,3 пайызга төмөндөгөн демек, мамлекеттик бюджеттин кирешелеринин өсүшүнө терс салым кошкон (-4,0 п.п.).


Финансылык эмес активдерди сатып алуудан чыгашаларды кошо алганда, мамлекеттик бюджеттин жалпы чыгашалары өткөн жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 17,4 пайызга же 15,9 млрд. сомго көбөйүү менен 107,2 млрд. сом же ИДӨгө карата 35,2 пайыз чегинде катталган (чыгашалардын жалпы суммасынан 30,4 пайыз). Бюджеттик каражаттарды туура эмес сарптоо саясаты улануууда. Мамлекеттик чыгашалардын олуттуу бөлүгү, мурдагыдай эле, 2012-жылдын төртүнчү чейрегинде жүзөгө ашырылган (чыгашалардын жалпы суммасынан 30,4 пайыз).

Операциялык иштерге чыгашалар 100,0 млрд. сомду же ИДӨгө карата 32,9 пайызды түзгөн. Чыгашалардын өсүшүнө олуттуу салымды “башка чыгашалар” кошушкан, алардын көбөйүүсү мамлекеттик инвестициялар программасынын алкагында энергетика секторунда жана транспорт жана коммуникация секторунда кредиттерди жана карыздарды өздөштүрүүнүн өсүшү менен байланыштуу болгон. Кароого алынып жаткан мезгилде капиталдык чыгашалардын көбөйүүсүнөн тышкары дагы эмгекке, субсидияларды жана социалдык жөлөк пулдарды төлөөгө, ошондой эле товарларды жана кызматтарды сатып алууга чыгашалардын олуттуу өсүшү белгиленген.

Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун алдын-ала маалыматтары боюнча Социалдык фонддун бюджетинин профицити 0,4 млрд. сомду же ИДӨгө карата 0,1 пайызды, кирешелер – 30,0 млрд. сомду же ИДӨгө карата 9,9 пайызды, чыгашалары – 29,7 млрд. сомду же ИДӨгө карата 9,7 пайызды түзөт.

Консолидацияланган бюджеттин тартыштыгы (мамлекеттик бюджет + Социалдык фонддун бюджети) отчеттук мезгил ичинде 19,9 млрд. сом же ИДӨгө карата 6,5 пайыз чегинде катталса, кирешелери 102,7 млрд. сомду же ИДӨгө карата 33,8 пайызды, ал эми чыгашалары – 122,6 млрд. сомду же ИДӨгө карата 40,3 пайызды түзгөн.

**1.1.3-сүрөт. Мамлекеттик бюджеттин аткарылышы**
*(бир мезгил ичинде)*




Мамлекеттин бюджеттик саясаты экономикалык өсүштүн олку-солкулугун турукташтыруучу бирден-бир маанилүү инструмент болуп саналат. Макроэкономикалык туруктуулукту колдоо жана экономиканын мезгилдүү олку-солкулугун жөнгө салуу үчүн бюджеттик саясат контрциклдүү болууга тийиш: чогуу алгандагы суроо-талапты көбөйтүүгө багытталган демилгелөөчү бюджеттик саясат экономиканын төмөндөөсү учурунда колдонулат, ал эми колдоого алуучу саясат экономиканын жогорулоосу учурунда жүзөгө ашырылат. Бюджеттик саясаттын чогуу алгандагы суроо-талапка таасирин демек, турукташтыруучу функциянын аткарылышын аныктоо максатында, түзүмдүк бюджеттик баланстын көрсөткүчүнүн жардамы менен эсептелген, фискалдык импульстун индикаторуна баа берүү жүргүзүлөт.

Кыргызстанда фискалдык импульстун динамикасына жана ИДӨ ажырымына жүргүзүлгөн иликтөөлөр акыркы жылдарда өлкөдө бюджеттик саясаттын багыттарынын өзгөргөндүгүн айгинелеп турат. Эгерде, 2004-жылдан 2010-жылга чейин проциклдүү бюджеттик саясат жүзөгө ашырылган болсо, 2011 жана 2012-жылдары анын контрциклдүүлүгү байкалган.

2011-жылы мисалы, өлкөдө экономикалык жигердүүлүктүн калыбына келишинин алкагында, бюджеттик-салыктык саясаттын өткөн мезгилге караганда катуулатылышы байкалган. Эсептөөлөргө ылайык, фискалдык импульстун мааниси 2011-жылы баа берүү боюнча ИДӨгө карата -5,6 пайызды түзгөн.

2012-жылы ИДӨнүн терс ажырымы байкалган, ошол эле учурда бюджеттик саясаттын жеңилдетилишин мүнөздөө менен фискалдык импульстун көрсөткүчү оң түптөлгөн. Экспансионисттик саясат бул мезгил ичинде бюджеттин номиналдык тартыштыгынын өсүшү менен тастыкталат, ал бюджеттин кирешелеринин өсүш арымынын басаңдоосунун алкагында инвестициялык долбоорлорго мамлекеттик чыгашалардын өсүшүнөн улам түптөлгөн.

**1.1.4-сүрөт. Фискалдык импульстун, бюджет тартыштыгынын[1] жана ИДӨ ажырымынын динамикасы**
*(ИДӨгө карата пайыздар)*




Негизги капиталга инвестициялардын көлөмү алдын-ала маалыматтар боюнча 2011-жылдагы ушул эле көрсөткүчкө салыштырганда 21,5 пайызга көбөйүү менен 2012-жылы реалдуу мааниде 62,6 млрд. сомду түзгөн.

**1.1.2-таблица. Каржылоо булактары боюнча негизги капиталга инвестициялар**

| | 2011 | 2012 | 2012 | |
|---|---|---|---|---|
| | бардыгы болуп, *млн. сом* | | үлүшү, *пайыздар* | өсүш арымы, *пайыздар* |
| **Бардыгы** | **49 369,2** | **62 625,0** | **100,0** | **121,5** |
| **Ички инвестициялар** | **36 422,3** | **42 192,7** | **67,4** | **111,0** |
| Республикалык бюджет (өзгөчө кырдаалдарга каралган каражаттарды кошо алганда) | 5 042,1 | 3 605,7 | 5,8 | 68,4 |
| Жергиликтүү бюджет | 671,1 | 606,9 | 1,0 | 87,1 |
| Ишканалардын, уюмдардын каражаттары | 18 456,3 | 23 174,4 | 37,0 | 120,2 |
| Банктын кредити | 322,6 | 309,2 | 0,5 | 93,4 |
| Калктын каражаты | 11 930,2 | 14 496,5 | 23,1 | 116,4 |
| **Тышкы инвестициялар** | **12 946,9** | **20 432,3** | **32,6** | **1,5 эсе** |
| Чет өлкө кредити | 8 336,2 | 12 378,3 | 19,8 | 142,0 |
| Тике чет өлкө инвестициялары | 2 825,2 | 5 659,3 | 9,0 | 1,9 эсе |
| Чет өлкө гранттары жана гуманитардык жардам | 1 785,5 | 2 394,7 | 3,8 | 129,2 |

*Булагы: УСК*

Инвестициялардын тармактык түзүмүндө салымдардын негизги үлүшүн тоо кен өнөр жайы (28,0 пайыз), транспорт жана байланыш (15,4 пайыз), электроэнергияны, газды жана сууну өндүрүү жана бөлүштүрүү (13,2 пайыз) ээлейт.

Отчеттук жылдын январь-декабрь айларында тоо кен өнөр жайынын

[1] Бюджеттин тартыштыгы жана фискалдык импульс боюнча маалыматтарды салыштырууга ыңгайлуу болсун үчүн бюджет тартыштыгынын маанисиндеги айырма каралат. Ошондуктан, “минус” белгиси тартыштыктын төмөндөөсүн билдирет.

объектилерин курууга инвестицияларды негизги капиталга өздөштүрүүнүн көлөмү 1,6 эсеге, иштеп чыгууга – 3 эсеге өскөн. Мында каржылоо негизинен, ишканалардын жана уюмдардын өздүк каражаттарынын эсебинен, ошондой эле тике чет өлкө инвестицияларынын эсебинен жүзөгө ашырылган.

Электр энергиясын, газды жана сууну өндүрүү жана бөлүштүрүү объектилерин куруу секторунда өздөштүрүлгөн инвестициялар 2011-жылга салыштырганда 2,7 эсеге көбөйгөн. Инвестициялардын негизги көлөмү (21,9 пайыз) ишканалардын жана уюмдардын каражат эсебинен, 75,3 пайызы – чет өлкө каражаттарынын эсебинен каржыланган. «Датка» жана «Кемин» чакан станцияларын курууга өздөштүрүлгөн каражаттардын көлөмү 5 541,5 млн. сомду түзгөн.

Курулуш секторунда негизги капиталга инвестицияларды өздөштүрүүнүн деңгээли 2011-жылга салыштырганда отчеттук жылы 21,5 пайызга өсүү менен 62 625 млн. сом чегинде катталган. Турак-жайды курууга (КР УСКсынын баа берүүлөрү боюнча) негизги капиталга инвестициялардын 12 676,9 млн. сому колдонулган, бул 2011-жылга салыштырганда 11,9 пайызга аз.

### 1.1.2. Сунуш

Отчеттук жыл ичинде ИДӨнүн төмөндөшүнө негизинен “Кумтөр” алтын-кен ишканаларында өндүрүштүн көлөмүнүн төмөндөөсүнүн эсебинен иштеп чыгуу өнөр жай ишканалары (-5,0 п.п.) жана өткөн жылдагы аба-ырайынын алгылыксыз шарттарынан улам, айыл чарбасы (-0,2 п.п.) негизги салым кошкон. Ошол эле учурда соода жана ремонт секторлору (+1,6 п.п.), курулуш сектору (+0,9 п.п.), ошондой эле транспорт жана байланыш секторлору (+0,7 п.п.) ИДӨнүн калыптанышына алгылыктуу салым кошушкан. Мында, товарларды жана кызматтарды чогуу алгандагы сунуштоо түзүмү анчалык деле өзгөрүүгө дуушар болгон эмес жана төмөнкүчө түптөлгөн: жана башка кызмат көрсөтүүлөр сектору 21,9 пайыз, айыл чарбасы – 17,5 пайыз, соода – 16,2 пайыз, иштеп чыгуу өнөр жайы ИДӨнүн жалпы көлөмүндө – 12,5 пайыз ээлешкен.

**1.1.3-таблица. ИДӨнүн өсүшүнө/төмөндөшүнө иштин өзүнчө түрлөрүнүн салымы**

| | 2011 | | 2012 | |
|---|---|---|---|---|
| | өсүш арымы, *пайыздар* | өсүшкө салым, *п.п.* | өсүш арымы, *пайыздар* | өсүшкө салым, *п.п.* |
| **Ички дүң өнүм** | **6,0** | **6,0** | **-0,9** | **-0,9** |
| Дүң кошулган нарк | 6,0 | 5,3 | -0,9 | -0,8 |
| Айыл чарбасы, мергенчилик жана токой чарбасы | 1,8 | 0,3 | 1,2 | 0,2 |
| Тоо кендерин казып алуу өнөр жайы | 19,5 | 0,1 | 26,6 | 0,2 |
| Кайра иштетүү өнөр жайы | 5,2 | 0,9 | -27,2 | -5,0 |
| Э/энергиясын, газды жана сууну өндүрүү жана бөлүштүрүү | 21,9 | 0,7 | 5,2 | 0,2 |
| Курулуш | 2,5 | 0,1 | 17,3 | 0,9 |
| Соода, ремонт | 10,2 | 1,6 | 10,5 | 1,6 |
| Мейманканалар жана тойканалар | 16,9 | 0,2 | 11,7 | 0,2 |
| Транспорт жана байланыш | 9,5 | 0,8 | 9,0 | 0,7 |
| Финансылык ишкердүүлүк | 10,9 | 0,1 | 1,0 | 0,0 |
| Кыймылсыз мүлк менен операциялар, ижара | 1,6 | 0,1 | -1,9 | -0,1 |
| Мамлекеттик башкаруу | 5,2 | 0,3 | 1,8 | 0,1 |
| Билим берүү | 1,3 | 0,1 | 5,1 | 0,3 |
| Саламаттыкты сактоо жана социалдык кызматтарды сунуштоо | 0,9 | 0,0 | 2,4 | 0,1 |
| Коммуналдык жана жеке кызматтарды сунуштоо | 1,3 | 0,0 | -3,3 | -0,1 |
| Азык-түлүккө таза салыктар | 6,0 | 0,6 | -0,9 | -0,1 |

*Булагы: КР УСКсы*

Алдын-ала маалыматтар боюнча 2012-жылдын декабрында өнөр жай өндүрүшүнүн физикалык көлөмүнүн индекси 2011-жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 20,2 пайызга төмөндөгөн (2011-жылы өнөр жай өндүрүшүнүн көлөмү 23,7 пайызга өскөн). Өнөр жай өндүрүшүнүн физикалык көлөмүнүн индексинин төмөндөөсү негизинен, баалуу металлдардын чыгарылышынын кыскарышынан улам, металлургия өндүрүшүндө жана даяр металл буюмдары өндүрүшүндө (44,0 пайыз), машиналар жана жабдуулар өндүрүшүндө (33,5 пайыз), резина жана пластмасса буюмдары өндүрүшүндө (23,8 пайыз) өндүрүү көлөмүнүн кыскарышы менен шартталган. “Кумтөр” алтын-кен иштетүү ишканаларын эске албаганда, өнөр жай өндүрүшүнүн физикалык көлөмүнүн индексинин өсүшү 6,1 пайыз дегээлинде белгиленген.

Айыл чарбасында, алдын-ала алынган маалыматтар боюнча отчеттук жылы физикалык көлөмдүн индексинин өсүшү 1,2 пайыз деңгээлинде (2011-жылдын декабрында айыл-чарба продукциясын өндүрүү көлөмү 2,0 пайызга өскөн) белгиленген. Отчетук жылы айыл чарбасындагы өсүшкө тоют өндүрүүнүн олуттуу көбөйүүсү таасирин тийгизген, ал өсүмдүк өстүрүүнүн өсүшүн шарттаган. Республиканын көпчүлүк аймактарында мал чарбачылыктын негизги түрлөрүн өстүрүүнүн көлөмү өскөн. Ал эми эт өндүрүүнүн өсүшү (союла турган малдын жана үй канаттууларынын тирүү салмагы) 1,0 пайызды түзгөн.

Соода жүгүртүүнүн 11,1 пайызга көбөйүүсү байкалган (2011-жылдын тиешелүү мезгилинде 9,6 пайызга көбөйүү байкалган). Соода жүгүртүү түзүмүндө автоунааларды жана мотор майларын сатуу жана дүң сатууну кошпогондо (32,4 пайыз), чекене соода (52,6 пайыз) кыйла салыштырма салмакты ээлейт.

**1.1.4-таблица. Соода операцияларынын дүңүнөн жүгүртүү динамикасы жана түзүмү**

| | 2011 | | 2012 | |
|---|---|---|---|---|
| | үлүшү, *пайыздар* | өсүш арымы, *пайыздар* | үлүшү, *пайыздар* | өсүш арымы, *пайыздар* |
| **Соода** | **100,0** | **109,6** | **100,0** | **111,1** |
| Авто жана мото техникаларын, тетиктерин сатуу | 2,9 | 120,3 | 3,2 | 122,8 |
| Техникалык жактан тейлөө жана авто ремонт | 0,5 | 115,3 | 0,5 | 102,3 |
| Дүң соода | 32,6 | 104,5 | 32,4 | 111,6 |
| Мотор майларын чекене сатуу | 9,9 | 124,4 | 11,2 | 124,4 |
| Авто унааларды жана мотор майларын сатууну кошпогондо, чекене соода | 54,0 | 109,5 | 52,6 | 107,9 |
| Тиричилик жана жеке колдонуудагы буюмдарды ремонттоо | 0,2 | 96,7 | 0,2 | 96,5 |

*Булагы: УСК*

**Кыргыз Республикасында керектөө товарларынын баа түзүү механизмин изилдөөгө кыскача маалымат**

2011-жылдын июль-августунда Кыргыз Республикасында керектөө товарларынын баасын белгилөө механизмин изилдөө иштери жүргүзүлгөн. Изилдөөлөрдүн натыйжасында ошол же башка товарга үстөк баа механизмин кошо алганда, товар жылышынын өндүрүүчүдөн (импортердон) - ортомчудан – түпкү керектөөчүгө чейин бааланган.

Дүң сатып алуучулар үчүн эң жогорку үстөк бааны цемент, сүт/сүт азыктары, кийим жана бут кийим өндүрүүчүлөр түзүшөт – үстөк баанын өлчөмү товардын өздүк наркынан 20 пайызга артат. Ал эми чекене сатып алуучулар үчүн эң жогорку үстөк баа сүт/сүт азыктарын өндүрүүчүлөр тарабынан – товардын өздүк наркынын 64 пайызынан көбүрөөк өлчөмдө түзүлөт.

Эң эле төмөнкү үстөк баа өсүмдүк майын өндүрүүчүлөр тарабынан – дүң сатып алуучулар үчүн өздүк наркынын 5 пайызына жакын, чекене сатып алуучулар үчүн өздүк наркынын 7,4 пайызы өлчөмүндө түзүлөт.

Ал эми өлкөгө импорттолуучу товарлар боюнча эң жогорку чен кийим жана бут кийим импорттоочулар тарабынан –өздүк наркынын 40 пайызына жакын, жагылган газ боюнча – 30 пайыз, ал эми кондитер азыктарын импорттоочулар тарабынан өздүк наркынын 29 пайызы өлчөмүндө түзүлөт. Бул изилдөөлөр боюнча эң төмөнкү үстөк бааны КММ импорттоочулар – өздүк наркынын 2 пайызында түзүшөт. Мында, ар бир товар үчүн өздүк наркын аныктоо ыкмасы ар башка экендигин белгилей кетүү зарыл.

## 1.2. Акча-кредит чөйрөсүндөгү тенденциялар

### Акча базасы

Акча базасы 2012-жыл ичинде 17,7 пайызга же 9,7 млрд. сомго (2011-жылы көбөйүү 12,8 пайызды түзгөн) көбөйүү менен 2013-жылдын 1-январына карата 64,5 млрд. сомду түзгөн. Акча базасынын өсүшүнө Өкмөттүн операциялары таасирин тийгизген, алар аны 12,3 млрд. сомго көбөйткөн. Улуттук банктын операциялары акча базасын 2,6 млрд. сомго азайткан.

Салыштыруу үчүн: 2011-жылы акча базасы 6,2 млрд. сомго көбөйгөн. Мында Өкмөттүн операциялары акча базасын 14,6 млрд. сомго көбөйтсө, Улуттук банктын операциялары аны 8,4 млрд. сомго төмөндөткөн.


Улуттук банк, инфляциялык басымдын өсүшүн жана бюджеттик чыгашалардын артышын эске алуу менен инфляцияны монетардык түзүүчүлөрдү чектөө максатында, ачык рынокто операциялардын көлөмүн көбөйткөн: Улуттук банктын жүгүртүүдөгү ноталарынын көлөмү жыл башталышындагы 1,4 млрд. сомдон 2012-жылдын акырында 3,1 млрд. сомго чейин өскөн; репо операцияларынын көлөмү жыл башталышындагы 0,2 млрд. сомдон 2012-жылдын акырында 0,8 млрд. сомго чейин өскөн.

Жүгүртүүдөгү акчалар 2012-жылдын акырына карата 16,8 пайызга өсүү менен 58,2 млрд. сомду ( 2011-жылдын акырына карата – 15,2 пайызга) түзгөн.

### М2 акча топтому

М2 акча массасы (М0 + сом түрүндөгү депозиттер) 2012 –жыл ичинде 24,7 пайызга көбөйүү менен (2011 –жылы көбөйүү 15,6 пайызды түзгөн) 2013-жылдын 1–январына карата 77,5 млрд. сомду түзгөн. М2 акча топтомун түзүүчүлөр төмөнкүчө өзгөргөн: банктардан тышкаркы акчалар (М0) 15,5 пайызга, сом түрүндөгү депозиттер – 53,9 пайызга, анын ичинде которулма депозиттер (талап боюнча төлөнүүчү) – 61,4 пайызга, ал эми мөөнөттүү депозиттер – 39,8 пайызга көбөйгөн.

**1.2.1-сүрөт. Акча топтомдорунун жылдык номиналдык өсүш арымы**
*(пайыздар)*




**M2X акча топтому**

Кеңири мааниде колдонулуучу M2X (M2 + чет өлкө валютасындагы депозиттер) 2012-жыл ичинде 23,8 пайызга көбөйүү менен (2011–жылы M2X көбөйүүсү 14,9 пайызды түзгөн) 2013-жылдын 1-январына карата 98,5 млрд. сом чегинде катталган. Кеңири мааниде колдонулуучу M2X акча массасынын аныктамасына кирген, депозиттердин жалпы көлөмү 36,1 пайызга, анын ичинде чет өлкө валютасындагы депозиттер 20,8 пайызга, ал эми сом түрүндөгү депозиттер – 53,9 пайызга (2011-жылы банктардан тышкаркы акчалар 13,9 пайызга, ал эми депозиттердин жалпы көлөмү– 16,5 пайызга) көбөйгөн.

Кеңири мааниде колдонулуучу M2X акча массасынын компоненттеринин ичинде секторлор боюнча финансы корпорацияларынын депозиттери баарынан тезирээк өскөн, өсүш 2012-жылдын жыйынтыгы боюнча 42,9 пайыз чегинде катталган. Финансылык эмес корпорациялардын депозиттери жана башка секторлордун-резиденттердин депозиттери бир эле учурда 35,7 пайызга көбөйгөн.

**1.2.2-сүрөт. Коммерциялык банктардын депозиттеринин жылдык номиналдык өсүш арымы**




Отчеттук жыл жыйынтыгы боюнча M2X акча массасынын түзүмү төмөнкүчө өзгөргөн:

– банктардан тышкаркы накталай акчалардын үлүшү 59,4 пайыздан 55,4 пайызга чейин азайган;
– сом түрүндөгү депозиттердин үлүшү 18,7 пайыздан 23,3 пайызга чейин көбөйгөн;
– чет өлкө валютасындагы депозиттердин үлүшү 21,9 пайыздан 21,3 пайызга чейин азайган.


Финансылык ортомчулук деңгээлин мүнөздөгөн, кеңири маанидеги M2X акчасынын мультипликатору кароого алынып жаткан мезгил ичинде

жыл башындагы 1,451 2012-жылдын акырында 1,527ге чейин көбөйгөн.

Экономиканын түшүшүнүн алкагында кеңири маанидеги акча массасынын өсүшүнүн натыйжасында, M2X акча топтому боюнча эсептелген, экономиканы монеттештирүү коэфициенти жыл башындагы 26,5 пайыздан отчеттук жылдын акырында 29,0 пайызга чейин көбөйгөн. Ушуга ылайык, кеңири мааниде колдонулуучу M2X акчаны жүгүртүү тездиги жыл башындагы 3,8 ден 2012-жылдын акырында 3,4кө чейин төмөндөгөн.

2012–жылдын январь-декабрь айларында финансы рыногунда 2011-жылдын акырындагы негизги тенденциялардын сакталып калгандыгы байкалган, ал бүтүндөй банк тутумунда үстөк ликвиддүүлүктүн олуттуу өзгөрүүсүнүн жоктугу таасиринен улам калыптанган. Ошол эле учурда, кароого алынып жаткан мезгил ичинде рыноктун айрым катышуучулары тарабынан карыздык каражаттарга карата суроо-талаптын жогорулагандыгы белгиленген, бул өз кезегинде, банктар аралык карыз алуулар ички рыногунун жигердүүлүгүнүн өсүшүнөн көрүнгөн. Мамлекеттик баалуу кагаздардын бардык сегменттеринде кирешелүүлүктүн төмөндөө динамикасынын сакталып турушу шартында, инвесторлор төлөө мөөнөтү узагыраак болгон, кыйла кирешелүү кагаздарды жогорку суроо-талап менен пайдаланууну улантышты.

**1.2.3-сүрөт. Акча рыногунун чендеринин динамикасы**
*(пайыздар)*




2011-жылга салыштырганда 2012-жылы карыз алуулардын жалпы көлөмү 26,3 пайызга, 7,7 млрд. сомго чейин көбөйдү. Улуттук жана чет өлкө валютасындагы жөнөкөй кредиттик бүтүмдөр сыяктуу эле, 5,9 млрд. сом деңгээлинде түптөлүү менен 16,1 пайызга көбөйгөн репо операциялары боюнча да олуттуу өсүш байкалган. Ушуну менен бирге эле, жөнөкөй сом түрүндөгү карыздардын жалпы өлчөмү 12,2 млрд. сомду түзүү менен 21,2 пайызга жогорулаган. Кароого алынып жаткан мезгил


ичинде репо операциялары боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен 1,7 пайыздык пунктка, 7,7 пайызга чейин, сом түрүндөгү кредиттик операциялар боюнча – 1,4 пайыздык пунктка, 7,7 пайызга чейин азайган.

Кредиттик ресурстардын банктар аралык ички рыногунда чет өлкө валютасындагы бүтүмдөрдүн чогуу алгандагы жалпы көлөмү жылдык 1,6 пайыз орточо пайыздык чен менен 391,2 млн. сомду түзгөн.

2012-жылдын декабрь айынын акырына карата абал боюнча эсептик чен жыл ичинде 10,4 п.п. төмөндөө менен 3,2 пайыз чегинде катталган. Натыйжада, «овернайт» кредиттери боюнча чен да жыл ичинде орточо 9,1 пайыз өлчөмүндө түптөлүү менен төмөндөгөн, ал эми бир мезгил ичинде берилген «овернайт» кредиттеринин көлөмү 4,9 млрд. сомду түзгөн.

Мурдагыдай эле, жүгүртүү мөөнөтү 28 күндүк кыйла кирешелүү ноталарга кызыгуу арткан, натыйжада, 2012-жылдын экинчи жарым жылдыгында декабрь айынын акырына чейин алар сатуу куржунунда сунушталган баалуу кагаздардын бирден бир түрү болуп калышкан. Жарыяланган эмиссиянын жалпы көлөмү 2011-жылдын январь-декабрь айларындагы көрсөткүчкө салыштырганда 0,3 пайызга көбөйүү менен 31,2 млрд. сомду түзгөн.

**1.2.4-сүрөт. Улуттук банктын ноталарынын кирешелүүлүк динамикасы**
*(пайыздар)*





Отчеттук мезгилде МКВлардын жарыяланган эмиссиясынын көлөмү 4,9 млрд. сом чегинде белгиленген. Жылдын январь-декабрь айларында МКВларды сатуунун чогуу алгандагы көлөмү 2011-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 45,3 пайызга, 4,8 млрд. сомго чейин жогорулаган. Сатуунун жогорулашына көбүнчө инвестициялык көз карашынан кыйла өтүмдүү 12 айлык кагаздарды сунуштоонун көбөйүүсүнүн эсебинен калыптанган, эмиссиянын жарыяланган көлөмүнүн көбөйүүсү өбөлгө түзгөн. Баалуу кагаздар боюнча кирешелүүлүктүн орточо айлык көрсөткүчү жүгүртүү мөөнөтү 3, 6 жана 12 айлык МКВлар сегментинде кирешелүүлүктүн, тиешелүүлүгүнө жараша 1,9 п.п., 4,5 п.п., 6,1 п.п.,

төмөндүшүнүн эсебинен 9,9 пайызга чейин (-5,7 п.п.) азайган.

Отчеттук жылдын январь-декабрь айларында МКВлардын 13 аукциону өткөрүлгөн, аларда жалпысынан 2,6 млрд. сом суммасына баалуу кагаз жайгаштырылган, бул 2011-жылдагы тиешелүү көрсөткүчтөн 2,6 эсеге жогору. 2 жылдык казына облигацияларына суроо-талап, мурдагыдай эле, бир ири коммерциялык банктын атынан иш жүргүзгөн, рынокко катышуунун сандык көрсөткүчтөрүн 2011-жылга салыштырганда бир аз көбөйткөн инвестордун жигердүүлүгүнүн эсебинен айрыкча колдоого алынган. Мындан тышкары, жыл жыйынтыгы боюнча түптөлгөн сатуу көрсөткүчүнө жетишүүгө 2012-жылдын экинчи чейрегинен бери МКВлар рыногунда жогорку жигердүүлүгүн көрсөткөн, бир институционалдык инвестор тарабынан олуттуу салым кошулган. Кагаздардын эмиссия көлөмүнүн өсүшү алкагында жүргөн, рынок жигердүүлүгү жогорулагандан кийин, орточо айлык пайыздык чен 2,6 пайызга 4,9 пайызга чейин төмөндөгөн.

**1.2.5-сүрөт. МКВнын кирешелүүлүк динамикасы**
*(пайыздар)*





## 1.3. Тышкы экономикалык шарттар[1]

Алдын-ала алынган маалыматтар боюнча Кыргыз Республикасынын соода балансынын тартыштыгы 2012-жылы 77,0 пайызга көбөйүү менен 2 946,4 млн. АКШ доллары деңгээлинде түптөлсө, отчеттук жылдын төртүнчү чейрегинде соода балансы 2011-жылдын тиешелүү мезгилиндеги көрсөткүчкө салыштырганда 777,5 млн. АКШ долларын түзүү менен 43,0 пайызга өскөн.

Отчеттук мезгилде тышкы соода жүгүртүү 2 051,0 млн. АКШ долларын түзгөн, бул, өткөн жылдагы көрсөткүчтөн 8,6 пайызга жогору.

[1] Улуттук банктын кошумча баа берүүлөрүн эске алуу менен КР УСКнын жана МБКнын маалыматтары боюнча, эгер башкасы көрсөтүлбөсө .

**1.3.1-сүрөт. Тышкы соода**




Товарлар (ФОБ баасындагы) экспорту 14,1 пайызга төмөндөө менен 1950,8 млн. АКШ доллары деңгээлинде түптөлгөн, 2012-жылдын төртүнчү чейрегинде товарлар экспорту өткөн жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 5,3 пайызга кыскаруу менен 636,7 млн. АКШ долларын түзгөн. Отчеттук чейрек ичинде алтындын экспортунун көлөмү калыбына келген, натыйжада бул статьянын салыштырма салмагы экспорттун чогуу алгандагы көлөмүндө 40,6 пайызга чейин (5,9 пайызга же абсолюттук мааниде 14,3 млн. АКШ долларына өсүш) көбөйгөн. Көбөйүү, берүүлөрдүн физикалык көлөмү сыяктуу эле (5,3 пайызга), экспорттук баанын да (0,5 пайызга) өсүшү эсебинен жүргөн. Мындан тышкары, жүк ташуу үчүн автоунааларды жана атайы багытка каралган автоунааларды, кендерди жана баалуу металл аралашмаларын, авиакеросинди (борт запастарын ташып чыгаруу), кийим-кечеге тиешелүү буюмдарды ж.б. берүүлөрдүн көбөйүүсү байкалган. Ушуну менен катар эле, электр тогун, пахтаны, автоунаа бензинин, кол жана машина менен иштетилүүчү инструменттерди ж.б. берүүлөрдүн төмөндөөсү белгиленген. Ошентип, алтынды эске албаганда экспорт 11,7 пайызга кыскаруу менен 378,3 млн. АКШ долларын түзгөн.

Отчеттук мезгилде экспорттолуучу товарлардын негизги топторунун салыштырма салмагы бир аз өзгөргөн. Нарктык көлөмүнүн өсүшүнөн улам, инвестициялык товарлардын үлүшү 6,0 дон 10,9га чейин көбөйгөн. Отчеттук чейректе, тиешелүүлүгүнө жараша 6,7 жана 18,7 пайызды түзүү менен чийки заттардын жана керектөө товарларынын салыштырма салмагы өскөн. Калган топтордун үлүшү экспорттун чогуу алгандагы көлөмүндө төмөндөгөн.

Керектөө багытындагы товарлар экспортунун көлөмү 3,8 пайызга көбөйүү менен 109,6 млн. АКШ долларын түзгөн. Азык-түлүктөн башка товарларды берүүлөр 10,5 пайызга өскөн, ал эми ошол эле учурда азык-түлүк товарларын ташып чыгаруу 1,5 пайызга төмөндөгөн.

Азык-түлүк товарларын берүүлөрдүн төмөндөөсү негизинен, экспорттук баалардын 29,1 пайызга кыскарышынын алкагында берүүлөрдүн

физикалык көлөмүнүн 63,7 пайызга төмөндөөсүнүн натыйжасында сүт азыктарынын экспортунун нарктык көлөмүнүн (74,2 пайызга же 2,7 млн. АКШ долларына) азаюусунан улам жүргөн. Мында, берүүлөрдүн физикалык көлөмүнүн 12,9 пайызга төмөндөшүндө экспорттук баалардын 32,0 пайызга көбөйүүсүнөн улам, жемиштерди жана жаңгактарды ташып чыгуунун нарктык көлөмүнүн өсүшү (14,9 пайызга же 1,9 млн. АКШ долларына) жүргөн.

Азык-түлүктөн башка товарлар түзүмүндө экспорт көлөмүнүн өсүшү, кийим жана ага тиешелүү буюмдар (өсүш 21,6 пайызга же 5,7 млн. АКШ долларына) жана ысытуу лампалары (өсүш физикалык көлөмдүн 28,8 пайызга төмөндөшүндө экспорттук баалардын 43,3 пайызга өсүшүнүн натыйжасында 1,9 пайызга же 0,1 млн. АКШ долларына өскөн) сыяктуу товардык позициялардын эсебинен камсыз болгон. Ушуну менен катар эле, мурда колдонууда болгон автоунааларды берүүлөрдүн 18,7 пайызга же 0,3 млн. долларга кыскарышы белгиленген, ал айкын экспорттук баалардын 2,0 эсеге өсүшүндө берүүлөрдүн физикалык көлөмүнүн 60,3 пайызга кыскарышынын эсебинен жүргөн.

Товарлардын ФОБ баасындагы импорту 2012-жылдын алдын-ала жыйынтыгы боюнча 24,4 пайызга көбөйүү менен 4 897,2 млн. АКШ долларын түзгөн, жылдын отчеттук чейрегинде импорт 1 414,2 млн. АКШ долларын түзүү менен 16,3 пайызга өскөн. Импорт динамикасын 39,8 пайызга же 109,5 млн. АКШ долларына көбөйгөн, экспорттук баалардын 6,6 пайызга өсүшүндө берүүлөрдүн физикалык көлөмүнүн 31,2 пайызга өсүшү менен камсыз болгон мунайзаттарын берүүлөр аныктаган. Ташылып келүүчү товарлардын көлөмүнүн өсүшүнө дары-дармектер, жүк ташуу үчүн автоунаалар жана атайы багытка каралган автоунаалар, чоюн жана болот ж.б. олуттуу салым кошушкан. Мында, мурда пайдаланууда болгон автоунааларды, учуучу аппараттарды, электр линиялык телефон аппараттарын ж.б. ташып келүүнүн кыскаруусу байкалган.

Кароого алынып жаткан мезгилде импорттун функционалдык түзүмүндө нарктык көлөмүнүн көбөйүүсүнөн улам, дээрлик бардык топтордун салыштырма салмагынын өсүшү байкалган. Керектөө товарлар тобунда гана ташып келүүнүн нарктык көлөмүнүн кыскарышы байкалган, натыйжада алардын үлүшү 31,6 пайызга чейин кыскарган.

Отчеттук чейректе керектөө багытындагы товарлар импорту 482,6 млн. АКШ доллары көлөмүнө жеткен (азаюу 2,8 пайызга жүргөн). Төмөндөө азык-түлүктөн башка товарларды берүүлөрдүн 8,1 пайызга кыскарышынан улам жүргөн, ал эми азык-түлүктү берүүлөр 7,2 пайызга өскөн.

Азык-түлүк товарлар түзүмүндө импорт бааларынын 18,0 пайызга өсүшү менен катар эле, физикалык көлөмдүн 27,5 пайызга өсүшүнүн натыйжасында, башка тамак-аш азыктарынын импорт көлөмү көбөйгөн (50,5 пайызга же 5,1 млн. АКШ долларына өскөн). Физикалык көлөмдүн 7,9 пайызга кыскарышында баалардын 34,0 пайызга жогорулоосу импорттолуучу эттин жана эт азыктарынын нарктык көлөмүнүн 23,4 пайызга (же 4,0 млн. АКШ долларына) өсүшүнө алып келген. Ушуну

менен катар эле, ташып келүүнүн физикалык көлөмүнүн 47,3 пайызга жана баалардын 8,5 пайызга төмөндөөсү, кант импортунун нарктык көлөмүнүн 51,8 пайызга (же 8,1 млн. АКШ долларына) төмөндөөсүн шарттаган.


Азык-түлүктөн башка товарлардын курамында берүүлөрдүн физикалык көлөмүнүн 14,1 пайызга көбөйүүсүндө айкын экспорттук баалардын 70,1 пайызга өсүшү эсебинен дары-дармектердин импортунун 94,1 пайызга же 35,1 млн. АКШ долларына өсүшү байкалган. Мындан тышкары, физикалык көлөмдүн 29,1 пайызга жана импорт бааларынын 4,4 пайызга көбөйүүсү тамекилерди берүүлөрдүн нарктык көлөмүнүн 34,8 пайызга (3,8 млн. АКШ долларына) көбөйүүсүн шарттаган. Мында, баалардын 1,1 пайызга төмөндөөсүнүн алкагында берүүлөрдүн физикалык көлөмүнүн 63,4 пайызга кыскарышы импорттун нарктык көлөмүнүн 63,8 пайызга (же 73,8 млн. АКШ долларына) азаюусуна алып келген.

## 1.4. Алмашуу курсу

Бүтүндөй алганда, 2012-жылы АКШ долларынын алмашуу курсунун өсүш тенденциясынын сакталып калгандыгы белгиленген. АКШ долларынын орточо эсептик курсунун көбөйүүсү 1,9 пайызды түзгөн. 2012-жылдын август айында көбүнчө, акча которуулар системалары боюнча агылып кирүүлөрдүн көбөйүүсүнүн, ошондой эле күндөлүк төлөмдөрдүн көбөйүүсүнүн эсебинен валюта курсунун бир аз төмөндөөсү белгиленген. АКШ долларынын алмашуу курсунун олуттуу өсүшү сентябрь айында белгиленген, мында анын наркы айдын акырына карата абал боюнча бир АКШ доллары үчүн 47,1484 сомго чейин көбөйгөн. Январь-декабрь айларында АКШ долларына суроо-талаптын колдоого алынышынын негизги себептеринен болуп, банктар тарабынан кардарлардын импорт боюнча контрактыларынын тейлениши, анын ичинде КММ жана керектөө товарларын берүүлөр, ошондой эле микрокредиттик компаниялар тарабынан чет өлкө кредиттеринин төлөнүшү боюнча операциялардын көлөмдөрүнүн сакталып калышы саналган.

Кароого алынып жаткан мезгилде валюта рыногунда сакталып турган туруктуулук, Улуттук банкка акча-кредиттик жөнгө салуунун милдеттерине ылайык, валюта рыногуна катышууну азайтуу саясатын улантууга өбөлгө түзөт. Отчеттук мезгилде Улуттук банктын валюта интервенциялары 43,1 млн. сом суммасында жүргүзүлгөн (2011-жылдын тиешелүү мезгилинде интервенциялар 281,2 млн. сомду түзгөн).

**1.4.1-сүрөт. АКШ долларынын эсептик курсунун өзгөрүш арымы**
*(пайыздар)*




# 2-глава. Инфляция жана аны түзүүчүлөр

## 2.1. Керектөө бааларынын индексинин динамикасын иликтөөлөр

Улуттук статистика комитетинин маалыматтары боюнча инфляция көрсөткүчү 2012-жылдын жыйынтыгы боюнча (2011-жылдын декабры 2012-жылдын декабрына карата) 7,5 пайызды түзгөн, анын ичинде жылдын ноябрь айына салыштырганда декабрь айында баа 1,5 пайызга өскөн.

Керектөө бааларынын динамикасы отчеттук жылы азык-түлүккө карата баалардын таасири астында түптөлгөн. Алсак, отчеттук жылдын биринчи жарым жылдыгында азык-түлүккө баа 2011-12-жылы негизги айыл-чарба өсүмдүктөрүнөн мол түшүм алынгандыгынын алкагында (2011-жылдын июлу–2012-жылдын июну) төмөндөгөн. 2012-жылдын экинчи жарым жылдыгында 2012-13–жылдары дан эгиндеринен күтүлүп жаткан баа берүүлөрдүн начарлоосунан улам, азык-түлүккө карата баанын дүйнө жүзүндө сыяктуу эле, республикада да ыкчам өсүшү жүргөн.

**2.1.1-сүрөт. КБИнин жылдык динамикасы жана аны түзүүчүлөр**
*(пайыздар)*





Отчеттук жылдын төртүнчү чейрегинде керектөө бааларынын индекси 4,3 пайызга өскөн. Бул мезгил ичинде керектөө бааларынын өсүшүнө негизги салымды инфляциянын ири компоненти – азык-түлүк товарлары кошкон. Кароого алынып жаткан мезгил ичинде азык-түлүккө баанын өсүшү, Кыргызстандын ички рыногуна дүйнөлүк баанын өсүшүнүн таасиринин уландысы болуп саналат.

## 2.2. Азык-түлүк товарларына карата баа динамикасы

2012-жылдын декабрь айынын жыйынтыгы боюнча азык-түлүккө баа 4,5 пайызга өскөн, ал эми 2011-жылы азык-түлүккө баанын өсүшү 3,5 пайызды түзгөн. Азык-түлүккө баалардын өзгөрүлмөлүүлүгүнө, мурдагыдай эле, товарлардын нан азыктары жана таруу топтору олуттуу салым кошушкан, бул товардык топ дүйнөлүк товардык-чийки зат рынокторунда баа таасирине көбүрөөк дуушар болот.

Азык-түлүккө ички баалардын дүйнөлүк баалардан өтө эле көз карандылыгы, көбүнчө Кыргызстан экономикасынын азык-түлүк импортуна жогорку көз карандылыгы менен шартталган. Алсак, Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин маалыматтары боюнча отчеттук жылдын январь-сентябрь айларында нан азыктарын керектөө түзүмүндө импорт үлүшү 67,7 пайызды, буудай жана андан иштелип чыккан продуктуларды керектөө импортунун үлүшү 71,3 пайызды түзсө, керектөөдөгү өсүмдүк майларынын импорту 64,7 пайызды түзгөн, ал эми кантты керектөө импорт менен толук камсыз кылынат.

**2.2.1-сүрөт. Азык-түлүк товарларына жылдык КБИде баалар салымынын динамикасы**
*(пайыздар)*





Кароого алынып жаткан мезгилде азык-түлүккө баа 5,7 пайызга өскөн, бул дүйнөлүк баанын өсүшүнүн алкагында нан азыктарына баанын өсүшү жемиштерге жана жашылчаларга баалардын мезгилдүү өсүшү менен шартталган.

## 2.3. Азык-түлүктөн башка товарларга карата баа динамикасы

Азык-түлүктөн башка товарларга карата баалардын индексинин өсүшү жылдык мааниде 9,8 пайызды түзгөн. Азык-түлүктөн башка товарларга


карата баалардын өсүш арымы акыркы жылдарда салыштырмалуу туруктуулукту сактап келүүдө, ошону менен бирге эле, азык-түлүктөн башка товарларга карата баалардын өсүшү жылдан жылга басаңдоодо, бул Кыргызстан экономикасында баалардын өсүшүнүн монетардык түзүүчүлөрүнүн төмөндөгөндүгү тууралуу тастыктап турат.

**2.3.1-сүрөт. Азык-түлүктөн башка товарларга баа динамикасы**
*(пайыздар, кийинки жылдын тиешелүү айына карата пайыздар)*




Азык-түлүктөн башка товарларга карата баалардын өсүшүнө олуттуу салымды «кийим жана бут кийим» товарлар тобу кошкон, анын баасы 15,9 пайызга өскөн, ал эми электрэнергиясына, газга жана отундун башка түрлөрүнө баанын өсүшү 3,9 пайызды түзсө, үй буюмдары жана тиричилик техникалары отчеттук жылдын декабрь айынын жыйынтыгы боюнча 9,9 пайызга өскөн. Күйүүчү-майлоочу материалдардын наркы жылдык мааниде 2,3 пайызга, анын ичинде бензин 2,0 пайызга жана дизель отунуна баа 6,8 пайызга өскөн. Кароого алынып жаткан мезгилде КММга баа 3,4 пайызга өссө, анын ичинде бензин 3,6 пайызга кымбаттаган, ал эми дизель отунунун баасы 1,3 пайызга жогорулаган.


**2.3.2-сүрөт. Азык-түлүктөн башка товарларга баалардын жылдык КБИде салымынын динамикасы**
*(пайыздар)*




## 2.4. Динамика цен на услуги

Акы төлөнүүчү кызматтарга баалардын индекси отчеттук жылдын жыйынтыгы боюнча 9,8 пайызга (2011-жылы 11,1 пайызга) өскөн. Бул топто индекстин өсүшү негизинен, тойканалардын жана мейманканалардын кызматтарынын 15,8 пайызга, билим берүү кызматтарынын (+8,5 пайызга) жана транспорт кызмат көрсөтүүлөрүнүн (+7,2 пайызга) кымбатташынын эсебинен жүргөн. Саламаттыкты сактоо кызматтары 10,0 пайызга кымбаттаган.

**2.4.1-сүрөт. Кызмат көрсөтүүлөргө баалардын жылдык КБИде салымынын динамикасы**
*(пайыздар)*




## 2.5. Кызмат көрсөтүүлөргө баа динамикасы

2012-жылдын жыйынтыгы боюнча керектөө баалары аймактар боюнча ар кандай өзгөрүүгө дуушар болгон. Алсак, Баткен жана Ош областтарында баа, тиешелүүлүгүнө жараша 8,6 жана 8,5 пайызга, Жалал-Абад областында – 8,9 пайызга, Талас областында – 5,4 пайызга, Нарын областында – 10,3 пайызга жогорулаган. Ал эми Чүй областында баа 5,9 пайызга өссө, Ысык-Көл областында баа индекси 9,8 пайызга жогорулаган.

Бишкек шаарында керектөө баалары 7,0 пайызга өскөн, мында тамак-аш азыктары 3,5 пайызга кымбаттап, алкоголдуу ичимдиктердин жана тамеки заттарынын баасы 8,4 пайызга, азык-түлүктөн башка товарлар – 9,8 пайызга жана акы төлөнүүчү кызматтар 9,7 пайызга өскөн.


**2.5.1. Жылдык инфляциянын аймактык түзүмү**
*(пайыздар)*




## 2.6. Базалык инфляция

Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин ыкмасы боюнча эсептелген базалык инфляциянын 2012-жылдын жыйынтыгы боюнча жылдык мааниде 5,9 пайызды, ал эми «арылтылбаган» инфляция – 7,5 пайызды түзгөн. Базалык инфляция 4 түн графикалык сүрөттөлүшү, азык-түлүк рыногунда түптөлгөн тенденция, республикадагы керектөө бааларынын динамикасын аныктайт деген фактты тастыктай тургандыгын белгилей кетүү зарыл. Бул көрсөткүч туруктуу динамикага жана маанилердин бир аз дисперсиясына ээ.

**2.6.1-сүрөт. Базалык инфляциянын эсептик көрсөткүчүнүн жылдык динамикасы**
*(пайыздар)*




Базалык инфляция 1 - товарлардын төмөнкү түрлөрү алынып салынат: 1) нан азыктары жана таруу 2) май жана тоң майлар 3) жемиштер жана жашылчалар; 4) газ 5) ремонт жана курулуш иштери үчүн материалдар

Базалык инфляция 2 - товарлардын төмөнкү түрлөрү алынып салынат: 1) эт 2) жемиштер жана жашылчалар 3) газ; 4) ремонт жана курулуш иштери үчүн материалдар.

Базалык инфляция 3 - товарлардын төмөнкү түрлөрү алынып салынат: 1) нан азыктары жана таруу 2) сүт азыктары 3) жемиштер жана жашылчалар; 4) газ 5) ремонт жана курулуш иштери үчүн материалдар

Базалык инфляция 4 - азык-түлүк товарлары жана электрэнергиясы, газ жана отундун башка түрлөрү толугу менен алынып салынат.

УСКнын базалык инфляциясы – сүт, кант, мөмө жемиш жана алкоголдук-тамеки продукцияларынын айрым түрлөрү, КММ, «электр энергиясы, газ жана отундун башка түрлөрү» товардык тобу, жүргүнчүлөрдү ташуу транспортунун жана байланыш кызматтары жана башкалар алынып салынат.

# 3-глава. Дүйнөлүк товардык-чийки зат рынокторуна баяндама


## 3.1. Дүйнөлүк азык-түлүк рынокторуна баяндама

Азык-түлүк товарларына дүйнөлүк баа динамикасы 2012-жылы Кыргызстандагы инфляцияга олуттуу таасирин тийгизди. Жылдын биринчи жарым жылдыгында 2011-12-жылдары өндүрүүчү өлкөлөрдө айыл-чарба өсүмдүктөрүнөн алынган мол түшүм сунуштун ашыкча болушуна өбөлгө түзгөн, бул дүйнөлүк азык-түлүк рынокторунда баалардын төмөндөшүн шарттаган. Ошентип, Кыргызстанда азык-түлүк товарларынын импортунун баа индекси отчеттук жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча олуттуу төмөндөө менен инфляциянын да төмөндөшүн шарттаган.

2012-жылдын экинчи жарым жылдыгында дүйнөлүк азык-түлүк рынокторунда баа, айыл-чарба продукциясын өндүрүүчү өлкөлөрдө аба-ырайы шарттарынын алгылыксыз болушу алкагында олуттуу өскөн, бул 2012-13-жылдардын башталышында (2012-жылдын июнь-июль айларында) байкалган. Алсак, үч жай айлары ичинде буудайга баа 30 пайыздан көбүрөөк өссө, жүгөрү 50 пайыздан ашыгыраакка кымбаттаган.

Дүйнөлүк рыноктордо байкалган баанын өсүшү Кыргызстандагы инфляцияга 2012-жылдын сентябрь-октябрь айларында эле таасирин тийгизе баштаган, мында керектөө бааларынын индекси, тиешелүүлүгүнө жараша 1,1 жана 1,8 пайызга өскөн.

**3.1.1-сүрөт. 2012-жылдагы азык-түлүк товарларына карата баалардын динамикасы**
*(бир тонна үчүн АКШ доллары)*




Кыргызстандагы инфляцияга буудайга дүйнөлүк баа динамикасы таасирин тийгизет, анткени бардык азык-түлүк товарларынын ичинде көбүрөөк салыштырма салмакты (куржундун жалпы көлөмүнүн 15


пайызына жакын) нан азыктары ээлешет, мындан тышкары Кыргызстанда керектелүүчү нан азыктарынын 60 пайыздан көбүрөөгү импорттолот.

Ал эми буудайга карата баа динамикасына болжолдоолорго тиешелүү, эксперттердин пикири боюнча айыл-чарба рынокторундагы баанын өтө эле өзгөрүлмөлүүлүгү 2013-жылы да сакталып турат. Буудайга жана жүгөрүгө баа 2013-жылдын биринчи чейрегинде жогорулашы мүмкүн. Баалардын жогору болушу айыл-чарба өндүрүүчүлөрүн айдоо аянттарын кеңейтүүгө демилгелейт, натыйжада, түшүмдү дүң жыйноонун көбөйүүсү 2013-жылдын экинчи жарым жылдыгында дүйнөлүк баанын төмөндөшүнө алып келет. Бул сценарийдин ишке ашырылышына кийинки айыл-чарба мезгилинде да АКШда орун ала турган кургакчылыктын улануусу негизги тоскоолдук болуп саналат.

## 3.2. Энергопродукциялар дүйнөлүк рынокторуна баяндама

Энергопродукцияларга дүйнөлүк баа 2012-жылы бүтүндөй жыл ичинде олуттуу өзгөрүлмөлүүлүгү менен мүнөздөлгөн. Отчеттук жылдын биринчи чейрегинде мунайга баа кескин өскөн. Бул мезгилде баалардын жогорулашын колдогон негизги фактор болуп, Жакынкы Чыгышта саясий абалдын туруксуздугунан улам, мунайды берүүдөгү үзгүлтүктөр саналган. 2012-жылдын орто ченинде АКШда, Европада жана Кытайда ишкер жигердүүлүктүн төмөн болушу мунайга дүйнөлүк суроо-талаптын жана баанын кескин төмөндөөсүнө алып келген. Ошондой болсо да, Түндүк деңизинен мунайды алып келүү үзгүлтүктөрүнүн жана Жакынкы Чыгышта орун алган конфликттин уланып жатышынын алкагында дүйнөлүк рыноктордогу баа августка карата кыйла жогорулаган. Мунайга дүйнөлүк баа динамикасына Евро аймактагы туруксуз экономикалык жагдай, Кытайдагы экономикалык өсүш арым, АКШнын сандык көрсөткүчтөрүн жеңилдетүү программасынын үчүнчү баскычын колдонуга киргизүү жана АКШнын мамлекеттик карызына тиешелүү аныксыздык таасирин тийгизген. Негизги сортторуна баа (Urals, Brent, WTI) отчеттук жылы баррелине 77,72 – 129,9 АКШ доллары чегинде өзгөрүлүп турган. Мында, «Brent» маркасындагы мунайга орточо баа отчеттук жылы 112,5 АКШ доллары деңгээлинде түптөлгөн, бул 2011-жылдагыдан 0,3 пайызга жогору.

**3.2.1-сүрөт. 2012-жылы мунайга карата баа динамикасы**
*(баррель үчүн АКШ доллары)*




2012-жылдын башталышында Кыргызстан Россиядан КММны алымсыз алып келүү тууралуу келишим түзгөн, алымсыз алып келүүлөрдүн көлөмү 1 млн. тонна өлчөмүндө аныкталган. Жылдын биринчи чейрегинде алып келүүлөрдө үзгүлтүктөр жана КММнын жетишсиздиги байкалган эмес, бирок Кыргызстанда жазгы-талаа иштери башталаарда дизель отунуна баа кескин өсүп кеткен, мындай жогорулоо КММга сезондук суроо-талап, ошондой эле Россиядан импорттун төмөндөөсүнөн улам, КММнын тартыштыгы менен шартталган.

КМШ өлкөлөрүнүн пландан тышкаркы саммитинин алкагында Россия менен Кыргызстан Кыргызстанга ташылып келинүүчү КММнын көлөмүн 30 пайызга көбөйтүү тууралуу келишимге келишишти. Бул көбөйтүү эң оболу, Нарын дарыясына кыргыз-орус ГЭСинин объектилерин куруунун пландаштырылып жатышы менен шартталган.

Рынок аналитиктеринин болжолдоолоруна ылайык, 2013-жылдын биринчи жарым жылдыгында мунайга баа бир аз өсүш тенденциясына ээ болот. Кытай экономикасынын өсүшүн калыбына келтирүү, АКШда мамлекеттик карызды чектөөгө байланыштуу көйгөйлөрдү чечүү, Евро аймактын карыз көйгөйлөрүн чечтетүү, мунайга баанын өсүшүн негизги демилгелөөчүлөрдөн болушат. Бүтүндөй алганда, эксперттер мунайга орточо баанын баррелге 100-110 АКШ доллары чегинде белгиленишин күтүшүүдө.

# 4-глава. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын акча- кредит саясаты маселери боюнча чечимдери

## 4.1. Улуттук банк Башкармасынын негизги чечимдери

2012-жылдын төртүнчү чейрегинде Кыргыз Республикасынын Улуттук Банк Башкармасынын акча-кредиттик саясат боюнча төмөнкүдөй чечимдери кабыл алынган:

1. 2012-жылдын 14-ноябрында кайра каржылоо максаттары үчүн кредиттик аукциондорду өткөрүү тартибин жөнгө салуу максатында Улуттук Банк Башкармасы тарабынан “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын кайра каржылоо максаттары үчүн кредиттик аукциондорду өткөрүү тартиби жөнүндө” (№42/3 токтом) жобо бекитилген. Кайра каржылоо кредитинде 1 айдан 6 айга чейинки мөөнөттүүлүк каралган жана Улуттук банкка банк тутумун ликвиддүүлүк менен камсыз кылуу боюнча инструменттер спектрин көбөйтүү максатында колдонууга киргизилген. Кайра каржылоо максаттарына кредиттик аукцондор банктардын ликвиддүүлүктү колдоо жана экономиканы кредиттөө мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө өбөлгө түзөт.
2. 2012-жылдын 16-ноябрында Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларына “Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик Өнүктүрүү банкы жөнүндө” мыйзамына ылайык келтирүү максатында Улуттук Банк Башкармасы “Милдеттүү камдар жөнүндө” жобого өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду карап чыгып, бекиткен (№43/1 токтом). “Милдеттүү камдар жөнүндө” жобонун жаңыртылган редакциясына ылайык, милдеттүү камдарды сактоо боюнча талаптар жана аларды аткаруу тартиби коммерциялык банктар менен бирге эле, Мамлекеттик өнүктүрүү банкына да таркатылат.
3. 2012-жылдын 29-ноябрында акча-кредит чөйрөсүндөгү күндөлүк жагдайга баа берүү жана экономиканын өнүгүүсүнө иликтөөлөрдү жүргүзүү үчүн Улуттук Банк Башкармасы 2012-жылдын январь-сентябрь айлары үчүн акча-кредит саясаты жөнүндө отчетту карап чыкты жана бекитти, ошондой эле келээрки мезгилге каралган акча-кредиттик программаны жактырды (№46/1 токтом). Акча-кредит программасы акча-кредит саясатынын кыска мөөнөттүү мезгил ичиндеги негизги багыттарын жана аны ишке ашыруу үчүн индикативдүү параметрлерин аныктайт.

   2012-жылдын январь-сентябрь айлары үчүн акча-кредит саясаты жөнүндө отчеттун кыскартылган версиясы маалымат катары Жогорку Кеңешке, Президенттин Аппаратына, Өкмөттүн Аппаратына, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине жана Кыргыз Республикасынын Экономика министрлигине жөнөтүлгөн, ошондой эле Улуттук банктын расмий сайтында жайгаштырылган.
4. 2012-жылдын 12-декабрында Улуттук Банк Башкармасы тарабынан

«2011-2013-жылдарга акча-кредит саясатынын негизги багыттары» деген документ (№48/3 токтом) жактырылган, анда күндөлүк экономикалык жагдайдын жана экономиканын негизги секторлорун өнүктүрүү болжолдоолорунун негизинде, акча-кредит саясатынын орто мөөнөттү келечекке каралган максаттары жана милдеттери аныкталган. Документти иштеп чыгууда дүйнөлүк финансылык жана товардык рыноктордогу жагдай, орто мөөнөттүү мезгилге каралган экономиканы өнүктүрүүгө таасир эте турган тышкы жана ички факторлор; потенциалдуу тобокелдиктер; мамлекттик финансы секторлору боюнча болжолдоолор, Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн орто мөөнөттүү болжолдоолору, Кыргыз Республикасынын 2013-2017-жылдарга каралган Туруктуу өнүктүрүү стратегиясында каралган болжолдуу маалыматтар, 2011-2014-жылдарга Экономика жана финансы саясаты жөнүндө меморандум эске алынган.

Документ маалымат катары Жогорку Кеңешке, Президенттин Аппаратына, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратына жөнөтүлгөн, ошондой эле Улуттук банктын расмий сайтында жайгаштырылган.

5. 2012-жылдын 12-декабрында Улуттук Банк Башкармасы Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2013-жылга акча-кредит саясаты жөнүндө билдирүүсүнүн текстин жактырган (№48/4 токтом), анда акча-кредит саясатынын сандык критерийи (инфляциянын деңгээли) берилген жана Улуттук банктын негизги иш багыттары чагылдырылган. Документ Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана Улуттук банктын 2013-жылга экономикалык саясат жөнүндө Биргелешкен билдирүүсүн даярдоо үчүн Өкмөттүн Аппаратына жана Кыргыз Республикасынын Экономика министрлигине жөнөтүлгөн.

## 4.2. Акча-кредиттик жөнгө салуу комитетинин негизги чечимдери

Акча-кредиттик жөнгө салуу комитети (мындан ары-Комитет) акча-кредит чөйрөсүндө оперативдүү чечимдерди иштеп чыгууну жана кабыл алууну жүзөгө ашырат. Чечимдер Комитет тарабынан жума сайын кабыл алынат жана акча рыногунда түптөлгөн жагдайга баа берүү натыйжаларына негизделет. Банк тутумундагы ликвиддүүлүктү жөнгө салуу боюнча операциялардын Улуттук банк Башкармасы тарабынан аныкталган жана 2012-2014-жылдарга карата акча-кредиттик саясат жөнүндө негизги багыттарында, алдыдагы мезгилге карата акча-кредит программасында көрсөтүлгөн максаттардан жана маселелерден улам, ошондой эле банк тутумунун абалын жана салыктык-бюджеттик чөйрөдөгү жагдайды эске алуу менен Комитет тарабынан аныкталган

2012-жылдын төртүнчү чейрегинде Комитеттин 13 отуруму болуп өткөн. Банк тутумундагы ликвиддүүлүктү жөнгө салуу, коммерциялык

банктардын үстөк камдарын кошумча алып салуу максатында, Улуттук банктын ноталарынын ар жумалык аукциондорун жана МБКларды репо шарттарында сатуу боюнча операцияларды өткөрүү аркылуу жүзөгө ашырылган.

Өлкөдө сакталып турган, айрыкча мамлекеттик финансы секторунун операцияларына байланыштуу инфляциялык тобокелдиктерди эске алуу менен Акча-кредиттик жөнгө салуу комитети төртүнчү чейректе Улуттук банктын жүгүртүүдөгү ноталарынын көлөмүн отчеттук жылдын сентябрь айынын акырындагы 1,8 млрд. сомдон ушул эле жылдын декабрь айынын акырында 3,1 млрд. сомго чейин, ал эми репо шартында сатылган МБКлардын көлөмүн отчеттук жылдын сентябрь айынын акырындагы 0,5 млрд. сомдон жылдын акырына карата 0,8 млрд. сомго чейин көбөйткөн.

Улуттук банк, мурдагы чейректе сыяктуу эле, кароого алынып жаткан мезгил ичинде да банктар аралык валюта рыногунда валюта интервенцияларын жүргүзгөн эмес, буга валюта рыногунда сакталып турган салыштырмалуу туруктуулук өбөлгө түзгөн.

# 5-глава. Инфляция көрсөткүчүн болжолдоолор


## 5.1. Инфляциянын негизги факторлорунун динамикасына болжолдоолор

2012-жылдын жыйынтыгы боюнча ИДӨ төмөндөөсү 0,9 пайызды түзгөн, ал эми 2011-жылы ИДӨ өсүшү 6,0 пайыз деңгээлинде түптөлгөн. Отчеттук жылы ИДӨ көлөмүнүн төмөндөөсү “Кумтөр” алтын кен ишканасында алтынды өндүрүү көлөмүнүн кыскаргандыгына байланыштуу болгон. “Кумтөр” алтын кенин иштеп чыгуу ишканаларын эске албаганда ИДӨ өсүшү 5,0 пайыз чегинде катталган.

2013-жылга өлкө экономикасын өнүктүрүү болжолдоолору төмөнкү божомолдорду эске алуу менен иштелип чыккан: “Кумтөр” алтын-кен ишканасында 2011-жылдагы деңгээлде (550-600 миң тр. унциясы)[1] алтынды өндүрүү көлөмүн калыбына келтирүү менен ишкердик жигердүүлүктү жок дегенде потенциалдуу деңгээлде сакталышы, соода боюнча негизги өнөктөш өлкөлөр менен ыңгайлуу соода шарттарынын сакталышы, айыл-чарбасынын туруктуу өнүгүшүнө өбөлгө түзгөн жаратылыш-аба-ырайынын алгылыктуу шарттары.

Улуттук банк жогорудагы факторлорду эске алуу менен 2013-жылы ИДӨнүн өсүшүн 8,3 пайыз деңгээлинде болжолдойт, ал эми ИДӨ дефлятору 10,0 пайыз деңгээлинде түптөлөт, ИДӨнүн номиналдык көлөмү 362,4 млрд. сом деңгээлинде күтүлүүдө. ИДӨнүн өсүшүнө негизги алгылыктуу салымды өнөр жай жана соода тармактары кошушат.

**5.1.1-сүрөт. ИДӨ өсүшүн болжолдоо**
*(пайыздарда, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине карата жыл башынан берки мезгил)*




Кыргызстандын экономикалык өнүгүүсү орто мөөнөттүү мезгилде бир катар төмөнкүдөй ички жана тышкы факторлорго көз каранды болот: экономиканын негизги тармактарынын туруктуу өнүгүүсү, өлкөдөгү

[1] «Кумтөрдүн» 2013-жылдын 15-январындагы пресс-релизине ылайык, 2013-жылы 550-600 миң унция деңгээлинде иштеп чыгуу күтүлүүдө.

туруктуу коомдук-саясий жагдай, ошондой эле дүйнөлүк товардык-чийки зат рынокторунда конъюнктуранын таасирине дуушар болгон, негизги соода өнөктөштөрдөн болгон өлкөлөрдүн экономикасынын туруктуу өнүгүүсү.

2012-жылдын 12-сентябрындагы №613 токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн божомолунда 2013-жылы ИДӨнүн 7,0 пайыз деңгээлинде өсүшү каралса, ИДӨ дефлятору 8,4 пайыз деңгээлинде болжолдонот, ал эми ИДӨнүн номиналдык көлөмү 354,4 млрд. сом деңгээлинде күтүлүүдө.

**5.1.1-таблица. Экономиканын тармактары боюнча 2013-жылга карата ИДӨнү болжолдоо**
*(реалдуу өсүш, пайыздарда)*


| | 2012 | 2013 | |
|---|---|---|---|
| | айкын | Улуттук банктын болжолдоосу | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн болжолдоосу |
| Айыл чарбасы | 1,2 | 2,5 | 1,0 |
| Өнөр жай | -20,6 | 22,8 | 17,9 |
| Курулуш | 17,3 | 9,0 | 10,5 |
| Кызмат көрсөтүүлөр | 6,2 | 5,2 | 5,0 |
| Өнүмдөргө таза салыктар | -0,9 | 8,3 | 7,0 |
| **ИДӨ** | **-0,9** | **8,3** | **7,0** |
| **Дефлятор,** *пайыздар* | **7,4** | **10,0** | **8,4** |
| **Номиналдуу ИДӨ,** *млн. сом* | **304 350,1** | **362 431,3** | **354 419,5** |

Өлкөнүн макроэкономикалык потенциалына баа берүү үчүн потенциалдуу жана айкын ИДӨ ажырымына эсептөөлөр жүргүзүлөт. Отчеттук жылы терс ажырым түптөлүп, ал өткөн мезгилде Кыргызстандын экономикасында өлкөнүн өндүрүштүк кубаттуулуктары толук көлөмдө ишке киргизилбегендигин көрсөткөн. Бир мезгил ичинде орточо алганда айкын ИДӨ потенциалдуу ИДӨдөн 3,3 пайызга (көмүскө секторду эске албаганда ИДӨ) жана 2,7 пайызга (көмүскө секторду эске алуу менен ИДӨ) аз болгон.

2013-жылы Улуттук банктын базалык болжолдоолорундагыларды эске алганда ИДӨнүн алгылыктуу ажырымы болушу мүмкүн, б.а. экономикалык өсүш өндүрүштүн бардык факторлорун толук пайдалануу менен камсыз кылынат.


**5.1.2-сүрөт. Көмүскө секторго баа берүүлөрдү эске албаганда, ИДӨ ажырымын болжолдоолор**

*(пайыздарда, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине карата жыл башынан берки мезгил)*




**5.1.3-сүрөт. Көмүскө секторго баа берүүлөрдү эске алуу менен ИДӨ ажырымын болжолдоолор**

*(пайыздарда, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине карата жыл башынан берки мезгил)*




Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын реалдуу сектор боюнча болжолдоолору экономиканы өнүктүрүү боюнча жаңы маалыматтардын пайда болушуна, күтүүлөргө, орун алган тенденцияларга жараша корректировкаланат.


## 5.2. Инфляцияны 2013-жылга болжолдоолор

2013 -жылы керектөө бааларынын динамикасы дүйнөлүк азык-түлүк рынокторунда баалардын өзгөрүлмөлүүлүгүнүн таасиринен улам түптөлөт, мында азык-түлүк товарларына баа динамикасынын болжолдоосу 2012-13-жылдарда күздүк түшүмдүн алгылыксыз болушу тобокелдигин эске алат бул, инфляциянын күндөлүк болжолунун негизин түзөт.

Азык-түлүктөн башка товарларга жана акы төлөнүүчү кызматтарга баа динамикасы өткөн жылдагы маанилердин чегинде сакталып калган: товарлардын бул тобу боюнча баалардын өсүшү 10 пайыз чегинде күтүлүүдө. Жалпысынан, 2013-жылдын жыйынтыгы боюнча инфляция прогнозу (2013-жылдын декабры 2012-жылдын декабрына карата) 10 пайыз деңгээлинде күтүлүүдө.


Дүйнөлүк товардык-чийки зат рынокторунда учурда түптөлгөн баа динамикасы туруктуу сакталууда, мында дүйнөлүк азык-түлүк рыногундагы жагдай татаал бойдон калууда, негизги товардык позициялар боюнча запастардын көлөмүнүн аз болушу, дүйнөлүк баа динамикасынын кескин өзгөрүшүнө өбөлгө түзөт. Алсак, 2013-жылы күздүк түшүмдү жыйноо боюнча болжолдоолор жана күтүүлөр төмөн болсо, анда бул азык-түлүк рынокторунда баалардын өсүшүн шартташы мүмкүн.

**5.2.1-сүрөт. Инфляциянын жылдык маанисин болжолдоолор**
*(пайыздарда, өткөн жылдын тиешелүү айына карата айлар)*





2013-жылдын биринчи чейрегинде инфляцияны болжолдоолордо дүйнөлүк азык-түлүк рынокторунда баалардын орточо өсүш ыктымалдуулугу эске алынган, бул айыл-чарба продукцияларын өндүрүүчү өлкөлөрдө күздүк түшүмдү жыйноо боюнча күтүүлөргө жараша болот. Бүтүндөй алганда, 2013-жылдын биринчи чейрегинде инфляция 3,0 пайыз чегинде болжолдонууда. Ал эми инфляциянын экинчи чейрекке болжолдоосунда дүйнөлүк азык-түлүк рынокторунда баалардын өсүшүнүн калдык эффектиси эске алынат, бул мезгил ичинде сезондук факторлор сыяктуу эле, жаңы айыл чарба жылында (2013-14-ж) мол түшүмдүүлүктүн болжолдонуусунун да таасири астында азык-түлүк тобуна баалардын төмөндүүсү күтүлүүдө.

**5.2.2-сүрөт. Инфляциянын 2013-жылга карата чейректик маанилерин болжолдоолор** *(пайыздар)*




Инфляция 2012 -жылдын төртүнчү чейрегинде 4,3 пайыз деңгээлинде түптөлгөн, бул Улуттук банктын Кыргыз Республикасында инфляция боюнча баяндама басылмасында жарыяланган болжолдоолоруна дал келет. Күтүлүп жаткандай эле, кароого алынып жаткан мезгил ичинде инфляция сезондук факторлордун таасири астында жана азык-түлүк товарларына дүйнөлүк баанын өсүшүнүн калдык таасиринен улам түптөлгөн.

**5.2.3-сүрөт. Инфляция боюнча болжолдоолорду жана фактыларды салыштыруу**



# Статистикалык тиркеме

**1-таблица. Керектөө бааларынын индекси**
*(өткөн айга карата ай, пайыздарда)*

| | 2012-жыл | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | янв. | фев. | март | апр. | май | июнь | июль | авг. | сен. | окт. | нояб. | дек. |
| **Керектөө бааларынын индекси** | **100,8** | **100,1** | **100,0** | **99,8** | **100,7** | **99,6** | **100,1** | **100,9** | **101,1** | **101,9** | **100,8** | **101,5** |
| Тамак-аш продуктулары жана алкоголсуз суусундуктар | 100,7 | 99,3 | 99,4 | 98,7 | 100,1 | 98,7 | 99,7 | 101,4 | 100,9 | 102,6 | 101,2 | 101,8 |
| Алкоголдуу ичимдиктер, тамеки заттары | 100,1 | 100,9 | 100,2 | 100,8 | 100,6 | 100,5 | 100,5 | 100,9 | 100,3 | 101,1 | 100,4 | 103,5 |
| Азык-түлүктөн башка товарлар | 101,3 | 100,6 | 100,7 | 100,5 | 100,7 | 100,2 | 100,4 | 100,7 | 101,1 | 101,8 | 100,7 | 100,9 |
| Кызмат көрсөтүүлөр | 100,7 | 100,7 | 100,2 | 100,6 | 102,6 | 100,2 | 100,7 | 100,2 | 102,2 | 100,6 | 100,1 | 100,8 |
| **Тамак-аш продуктулары жана алкоголсуз суусундуктар** | **100,7** | **99,3** | **99,4** | **98,7** | **100,1** | **98,7** | **99,7** | **101,4** | **100,9** | **102,6** | **101,2** | **101,8** |
| Нан азыктары жана таруу | 98,2 | 98,7 | 99,2 | 99,5 | 99,0 | 99,3 | 102,0 | 107,7 | 100,7 | 104,4 | 100,5 | 100,2 |
| Эт | 101,9 | 99,8 | 98,6 | 99,3 | 99,8 | 99,4 | 99,6 | 100,0 | 99,8 | 101,2 | 99,9 | 99,5 |
| Балык | 102,3 | 100,0 | 101,1 | 102,2 | 100,8 | 99,7 | 101,4 | 101,5 | 102,8 | 104,8 | 101,6 | 100,2 |
| Сүт азыктары, сыр жана жумуртка | 102,1 | 100,2 | 98,9 | 97,3 | 96,2 | 96,3 | 97,0 | 100,1 | 106,4 | 107,3 | 102,3 | 104,3 |
| Май жана тоң майлар | 100,0 | 99,5 | 99,6 | 98,9 | 99,0 | 99,7 | 99,8 | 100,1 | 101,1 | 101,2 | 99,9 | 100,4 |
| Жемиштер жана жашылчалар | 103,6 | 98,5 | 101,1 | 94,6 | 102,7 | 95,6 | 95,9 | 91,4 | 103,1 | 102,8 | 108,2 | 112,5 |
| Кумшекер, джем, бал, шоколад жана конфеттер | 101,1 | 99,3 | 100,0 | 99,6 | 104,4 | 99,1 | 98,4 | 99,4 | 98,1 | 99,0 | 100,0 | 100,6 |
| Башка тамак-аш азыктары | 100,9 | 100,4 | 99,5 | 99,7 | 100,4 | 100,2 | 100,1 | 100,1 | 102,1 | 100,6 | 100,1 | 100,3 |
| Алкоголсуз суусундуктар | 101,0 | 101,1 | 98,8 | 100,5 | 100,1 | 100,1 | 100,0 | 100,7 | 100,1 | 100,3 | 100,3 | 100,6 |
| **Алкоголдуу ичимдиктер жана тамеки заттары** | **100,1** | **100,9** | **100,2** | **100,8** | **100,6** | **100,5** | **100,5** | **100,9** | **100,3** | **101,1** | **100,4** | **103,5** |
| Алкоголдуу ичимдиктер | 100,0 | 101,2 | 100,0 | 100,9 | 100,5 | 100,0 | 100,2 | 101,3 | 100,4 | 101,5 | 100,5 | 104,8 |
| Тамеки заттары | 100,5 | 99,9 | 100,8 | 100,4 | 100,9 | 101,9 | 101,3 | 100,0 | 100,1 | 100,1 | 100,0 | 100,0 |
| **Кийим-кече жана бут кийим** | **101,9** | **100,2** | **102,1** | **101,9** | **101,2** | **100,6** | **100,3** | **100,4** | **101,4** | **102,5** | **101,2** | **101,4** |
| **Турак жай кызмат көрсөтүүлөрү, суу, электрэнергиясы, газ жана башка отундар** | **101,2** | **100,6** | **99,2** | **98,9** | **100,1** | **99,7** | **101,0** | **100,9** | **100,3** | **102,1** | **100,5** | **100,6** |
| **Тиричилик буюмдары жана тиричилик техникасы** | **101,0** | **101,2** | **100,5** | **100,9** | **101,1** | **100,8** | **99,9** | **100,7** | **100,9** | **101,1** | **100,6** | **100,7** |
| **Саламаттыкты сактоо** | **101,5** | **101,4** | **100,5** | **100,8** | **101,1** | **99,4** | **102,8** | **100,5** | **101,2** | **99,7** | **100,3** | **100,3** |
| **Транспорт** | **99,4** | **100,3** | **99,9** | **100,0** | **105,4** | **100,2** | **100,9** | **100,6** | **99,9** | **100,2** | **100,2** | **100,2** |
| КММ | 99,4 | 98,3 | 99,9 | 100,4 | 100,2 | 99,1 | 100,3 | 101,3 | 100,1 | 102,1 | 101,4 | 99,9 |
| **Байланыш** | **100,0** | **100,0** | **100,0** | **100,0** | **100,0** | **100,0** | **100,2** | **100,0** | **100,0** | **100,0** | **100,0** | **100,0** |
| **Эс алуу, көңүл ачуу жана маданият** | **100,4** | **101,1** | **101,1** | **101,2** | **98,8** | **100,2** | **100,4** | **101,9** | **101,4** | **100,5** | **100,2** | **100,9** |
| **Билим берүү** | **100,3** | **100,0** | **100,0** | **100,0** | **100,0** | **100,0** | **100,1** | **100,0** | **108,1** | **99,9** | **100,0** | **100,0** |
| **Тойканалар жана мейманканалар** | **102,9** | **102,0** | **100,5** | **100,8** | **101,8** | **100,0** | **100,8** | **100,0** | **101,7** | **102,2** | **100,0** | **102,2** |
| **Ар түрдүү товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр** | **101,1** | **101,3** | **100,6** | **100,7** | **100,9** | **100,0** | **100,1** | **100,5** | **102,6** | **100,6** | **100,3** | **100,8** |

**2-таблица. Керектөө бааларынын индекси**
*(ай өткөн жылдын тиешелүү айына карата, пайыздар)*

| | 2012-жыл | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | янв. | фев. | март | апр. | май | июнь | июль | авг. | сен. | окт. | нояб. | дек. |
| **Керектөө бааларынын индекси** | **103,8** | **102,4** | **100,2** | **99,5** | **100,5** | **99,5** | **100,0** | **102,1** | **104,4** | **106,9** | **107,0** | **107,5** |
| Тамак-аш продуктулары жана алкоголсуз суусундуктар | 99,3 | 95,8 | 91,7 | 90,3 | 91,4 | 89,7 | 91,0 | 94,8 | 98,6 | 102,7 | 103,6 | 104,5 |
| Алкоголдуу ичимдиктер, тамеки заттары | 109,7 | 110,6 | 109,8 | 110,5 | 110,4 | 110,0 | 108,7 | 109,0 | 108,6 | 108,7 | 107,6 | 110,2 |
| Азык-түлүктөн башка товарлар | 110,0 | 110,3 | 110,4 | 110,1 | 110,6 | 109,8 | 109,3 | 109,0 | 109,9 | 111,6 | 110,8 | 109,8 |
| Кызмат көрсөтүүлөр | 109,5 | 110,8 | 110,1 | 110,3 | 111,7 | 111,7 | 110,2 | 110,3 | 109,7 | 109,6 | 109,2 | 109,8 |
| **Тамак-аш продуктулары жана алкоголсуз суусундуктар** | **99,3** | **95,8** | **91,7** | **90,3** | **91,4** | **89,7** | **91,0** | **94,8** | **98,6** | **102,7** | **103,6** | **104,5** |
| Нан азыктары жана таруу | 96,0 | 91,1 | 84,2 | 83,1 | 83,0 | 83,0 | 84,9 | 92,3 | 97,0 | 104,4 | 107,2 | 109,3 |
| Эт | 120,9 | 117,0 | 114,4 | 113,5 | 111,4 | 106,9 | 102,3 | 100,6 | 98,6 | 101,0 | 100,6 | 98,8 |
| Балык | 115,2 | 114,2 | 114,5 | 116,5 | 117,7 | 116,5 | 117,5 | 119,2 | 122,1 | 123,7 | 122,7 | 120,0 |
| Сүт азыктары, сыр жана жумуртка | 107,1 | 105,2 | 107,3 | 106,0 | 104,9 | 103,8 | 103,9 | 103,2 | 105,2 | 108,3 | 108,2 | 108,0 |
| Май жана тоң майлар | 105,0 | 104,3 | 101,2 | 98,8 | 96,9 | 97,2 | 96,8 | 96,8 | 97,9 | 98,8 | 98,9 | 99,1 |
| Жемиштер жана жашылчалар | 76,2 | 73,5 | 70,6 | 67,9 | 74,4 | 70,0 | 78,5 | 89,9 | 104,4 | 104,9 | 104,1 | 108,6 |
| Кумшекер, джем, бал, шоколад жана конфеттер | 98,2 | 93,3 | 92,1 | 91,0 | 95,1 | 93,9 | 90,5 | 86,3 | 91,6 | 97,0 | 98,7 | 98,9 |
| Башка тамак-аш азыктары | 107,6 | 105,4 | 105,9 | 105,3 | 105,6 | 105,4 | 104,9 | 103,4 | 104,0 | 104,5 | 104,4 | 104,5 |
| Алкоголсуз суусундуктар | 110,6 | 110,9 | 106,7 | 106,1 | 107,1 | 104,3 | 103,4 | 103,6 | 103,1 | 103,4 | 104,0 | 103,7 |
| **Алкоголдуу ичимдиктер жана тамеки заттары** | **109,7** | **110,6** | **109,8** | **110,5** | **110,4** | **110,0** | **108,7** | **109,0** | **108,6** | **108,7** | **107,6** | **110,2** |
| Алкоголдуу ичимдиктер | 108,7 | 110,0 | 109,8 | 110,8 | 110,5 | 109,7 | 107,6 | 108,2 | 107,7 | 108,2 | 107,9 | 111,6 |
| Тамеки заттары | 112,2 | 111,9 | 109,7 | 109,7 | 110,2 | 111,0 | 111,8 | 111,1 | 110,9 | 109,6 | 106,7 | 106,2 |
| **Кийим-кече жана бут кийим** | **113,8** | **112,4** | **112,8** | **112,5** | **112,6** | **112,6** | **112,3** | **111,6** | **113,1** | **115,2** | **116,0** | **115,9** |
| **Турак жай кызмат көрсөтүүлөрү, суу, электрэнергиясы, газ жана башка отундар** | **103,2** | **104,5** | **104,6** | **104,7** | **106,9** | **106,0** | **106,7** | **107,5** | **107,2** | **110,4** | **107,9** | **105,1** |
| **Тиричилик буюмдары жана тиричилик техникасы** | **112,5** | **112,6** | **112,7** | **112,8** | **113,8** | **113,1** | **110,7** | **109,7** | **110,4** | **110,2** | **109,3** | **109,9** |
| **Саламаттыкты сактоо** | **112,0** | **112,0** | **111,7** | **112,1** | **112,7** | **111,4** | **113,5** | **111,7** | **112,0** | **110,5** | **110,7** | **110,0** |
| **Транспорт** | **103,4** | **106,9** | **106,6** | **106,2** | **109,4** | **108,6** | **107,8** | **108,2** | **107,3** | **108,8** | **107,4** | **107,2** |
| КММ | 99,0 | 110,4 | 111,1 | 110,4 | 106,3 | 103,8 | 100,8 | 100,1 | 100,4 | 103,1 | 103,9 | 102,3 |
| **Байланыш** | **103,1** | **103,1** | **100,0** | **100,0** | **100,0** | **100,0** | **100,2** | **100,2** | **100,2** | **100,2** | **100,2** | **100,2** |
| **Эс алуу, көңүл ачуу жана маданият** | **111,6** | **111,9** | **111,3** | **112,3** | **110,1** | **110,2** | **109,1** | **108,6** | **109,9** | **109,4** | **107,8** | **108,2** |
| **Билим берүү** | **116,0** | **114,9** | **114,8** | **114,8** | **114,5** | **114,6** | **111,9** | **111,9** | **111,8** | **108,6** | **108,7** | **108,5** |
| **Тойканалар жана мейманканалар** | **115,9** | **117,9** | **118,2** | **118,9** | **121,0** | **119,7** | **115,6** | **115,6** | **113,1** | **114,2** | **113,8** | **115,8** |
| **Ар түрдүү товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр** | **106,4** | **107,3** | **107,5** | **107,4** | **107,1** | **106,9** | **106,1** | **105,8** | **109,0** | **109,1** | **108,8** | **108,9** |

## 3-таблица. Баалардын жана импорттун физикалык көлөмүнүн 2012-жылдын январь-ноябрь айлары үчүн индекси

| Товардын аталышы | *2012-ж. 11 ай млн. АКШ долл. n12*p12* | *2011-ж. 11 ай млн. АКШ долл. n12*p11* | *2011-ж. 11 ай млн. АКШ долл. n11*p11* | *Индекстер* | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | *баасы* | *физ. көлөмү* | *наркы* |
| | A | B | C | A/B | B/C | A/C |
| Мунай жана мунай заттары жана ушундай эле материалдар | 944,5 | 887,4 | 746,2 | 1,06 | 1,19 | 1,27 |
| Чоюн жана болот | 207,4 | 202,9 | 134,5 | 1,02 | 1,51 | 1,54 |
| Жүк ташуучу жана атайы багытка каралган автомобилдер | 167,1 | 176,0 | 86,9 | 0,95 | 2,03 | 1,92 |
| Дары-дармектер | 136,5 | 155,8 | 134,2 | 0,88 | 1,16 | 1,02 |
| Кофе, чай, какао, таттуулар жана алар кошулган азыктар | 91,3 | 75,3 | 70,8 | 1,21 | 1,06 | 1,29 |
| Дан эгиндери (полба (буудайдын бир түрү) жана угут, тартылбаган шак | 85,8 | 100,2 | 61,5 | 0,86 | 1,63 | 1,40 |
| Эфир майлары, резиноиддер жана парфюмердик каражаттар | 80,3 | 76,6 | 69,9 | 1,05 | 1,10 | 1,15 |
| Кант, кант кошулган азыктар жана бал | 80,2 | 90,0 | 88,5 | 0,89 | 1,02 | 0,91 |
| Эт жана эт азыктары | 70,2 | 60,8 | 65,5 | 1,16 | 0,93 | 1,07 |
| Газ абалындагы жаратылыш газы | 67,2 | 65,6 | 61,7 | 1,02 | 1,06 | 1,09 |
| Резина дөңгөлөктөрү | 66,6 | 43,1 | 50,2 | 1,54 | 0,86 | 1,33 |
| Жасалма текстиль материалдарынан токулган кездемелер | 62,8 | 52,0 | 58,0 | 1,21 | 0,90 | 1,08 |
| Кагаз, картон жана алардан  жасалган буюмдар | 62,3 | 62,8 | 58,4 | 0,99 | 1,07 | 1,07 |
| Электрлиниялык телефон же телеграф аппараттары | 62,3 | 70,3 | 90,5 | 0,89 | 0,78 | 0,69 |
| Ийне жалбырактуу өсүмдүк жыгачтарынын араалангань жана туурасынан кесилгени | 57,6 | 48,6 | 40,4 | 1,19 | 1,20 | 1,43 |
| Өсүмдүк майлары жана тоң майлар, сырье | 55,7 | 62,6 | 52,0 | 0,89 | 1,20 | 1,07 |
| Тамандалган эжана үстү резинадан же синтетикалык материалдардан жасалган бут кийим | 51,9 | 46,6 | 32,4 | 1,11 | 1,44 | 1,60 |
| Жер семирткичтер | 50,7 | 42,8 | 39,6 | 1,18 | 1,08 | 1,28 |
| Башка категорияга кирбеген тамак-аш азыктары жана препараттар | 50,5 | 34,3 | 38,3 | 1,47 | 0,89 | 1,32 |
| Органикалык эмес химиялык заттар | 47,1 | 43,8 | 43,0 | 1,07 | 1,02 | 1,10 |
| Баштапкы формадагы пластмасса | 42,8 | 44,8 | 37,5 | 0,95 | 1,19 | 1,14 |
| Болоттон жасалган конструкциялар жана алардын элементтери | 42,0 | 40,2 | 16,3 | 1,05 | 2,46 | 2,57 |
| Механикалык күрөктөр, экскаваторлор жана сузгуч жүктөгүчтөр | 41,3 | 40,7 | 19,4 | 1,02 | 2,10 | 2,13 |
| Баштапкы эмес формадагы пластмасса | 39,7 | 39,1 | 28,1 | 1,02 | 1,39 | 1,41 |
| Башка категорияга кирбеген, кенге жатпагандардан жасалган буюмдар | 38,8 | 26,3 | 37,3 | 1,47 | 0,71 | 1,04 |
| Электр энергиясы үчүн трансформаторлор | 37,7 | 4,7 | 2,9 | 7,98 | 1,62 | 12,90 |
| Тапталган жана калыбына келтирилген жыгач | 37,1 | 43,1 | 27,1 | 0,86 | 1,59 | 1,37 |
| Дан эгиндеринен азыктар жана ундан же жер-жемиш крахмалдарынан азыктар | 36,4 | 36,8 | 29,6 | 0,99 | 1,24 | 1,23 |
| Көмүр, кокс жана брикеттер | 36,0 | 31,4 | 26,7 | 1,15 | 1,18 | 1,35 |
| Сымдан жасалган буюмдар жана тосмо торлор | 32,7 | 15,1 | 5,8 | 2,16 | 2,61 | 5,63 |
| Түс өзгөртүүчү жана ийлөөчү заттар, боектор | 31,6 | 33,1 | 22,4 | 0,96 | 1,48 | 1,41 |
| Жашылча жана жемиштер | 31,1 | 25,2 | 31,5 | 1,23 | 0,80 | 0,99 |
| Башка категорияларга кирбеген электр энергиясын бөлүштүргүч жабдуу | 29,7 | 24,6 | 12,2 | 1,21 | 2,02 | 2,44 |
| Алкоголдук ичимдиктер | 28,6 | 26,0 | 30,0 | 1,10 | 0,87 | 0,95 |
| Кесек жана майдаланган ун, буудай жана угут | 28,4 | 35,8 | 41,3 | 0,79 | 0,87 | 0,69 |
| Кант кошулган мин. суулар жана алкоголсуз суусундуктар | 28,0 | 26,5 | 23,5 | 1,06 | 1,13 | 1,19 |
| Кол менен машина менен иштетилүүчү инструментер | 25,3 | 22,7 | 22,3 | 1,11 | 1,02 | 1,13 |
| Шымдар, арчындама шымдар, бриджилер жана чолок шымдар | 20,3 | 18,2 | 15,9 | 1,12 | 1,15 | 1,28 |
| Кофталар, пуловерлер, күрмөлөр жана ушу сыяктуу  трикотаж буюмдары | 18,8 | 13,9 | 15,5 | 1,35 | 0,89 | 1,21 |
| Токулган  байпактар | 18,5 | 14,9 | 12,1 | 1,24 | 1,24 | 1,53 |
| Жылтыратылган керамикалык плиткалар | 17,9 | 17,3 | 13,1 | 1,03 | 1,32 | 1,36 |
| Адамдарды ташууга каралган жеңил автоунаалар жана транспорт каражаттары | 17,7 | 20,2 | 20,1 | 0,87 | 1,01 | 0,88 |
| Кыздар жана аялдар үчүн трикотаждан тигилген же токулган буюмдары | 16,2 | 12,9 | 9,5 | 1,25 | 1,36 | 1,70 |
| Башка категорияларга кирбеген электр жылуулук жабдуулары | 16,1 | 13,7 | 11,6 | 1,17 | 1,18 | 1,39 |
| Самолеттор жана башка учуучу аппараттар | 16,0 | 22,7 | 12,6 | 0,71 | 1,80 | 1,27 |
| Тиричилик муздаткычтары жана тоңдургучтар | 15,5 | 15,1 | 15,3 | 1,03 | 0,99 | 1,01 |
| Маалыматтарды автоматтуу түрдө иштеп чыгуучу машиналар жана алардын түйүндөрү | 15,3 | 22,7 | 18,4 | 0,67 | 1,23 | 0,83 |
| Жерди которуштуруу, ирге, текшилөө жана бургулоо үчүн машиналар | 15,2 | 29,0 | 16,6 | 0,52 | 1,75 | 0,91 |
| Эркектер жана балдар үчүн трикотаждан же токулган буюмдар | 15,0 | 7,9 | 6,7 | 1,89 | 1,18 | 2,24 |
| Шымдар, арчындама шымдар, чолок шымдар | 15,0 | 12,9 | 9,3 | 1,16 | 1,40 | 1,62 |
| Жыгач-буталуу плита | 14,9 | 14,1 | 12,3 | 1,05 | 1,15 | 1,21 |
| Шагылды, ташты, кендерди сорттоо, электен өткөрүү, бөлүштүрүү үчүн машиналар | 14,8 | 254,9 | 8,5 | 0,06 | 29,98 | 1,74 |
| Монетардык эмес алтын | 14,4 | 2,4 | 0,2 | 5,99 | 11,67 | 69,83 |
| Батареялар жана электроаккумуляторлор жана алардын тетиктери | 13,6 | 7,2 | 8,9 | 1,89 | 0,81 | 1,54 |
| Сүт, каймак, май жана сырдан башка сүт азыктары | 13,4 | 13,7 | 10,0 | 0,98 | 1,38 | 1,34 |
| Электроаккумуляторлор | 13,3 | 10,9 | 6,4 | 1,22 | 1,72 | 2,09 |
| Маргарин жана жуурулган май | 13,0 | 13,4 | 12,2 | 0,97 | 1,10 | 1,07 |
| Медициналык жана фармацевтикалык дары-дармектер | 12,8 | 13,6 | 14,9 | 0,95 | 0,91 | 0,86 |
| Балык, рак сыяктуу молюскалар жана омурткасыздар | 12,7 | 11,5 | 9,7 | 1,11 | 1,18 | 1,30 |
| Полго төшөлмөлөр | 12,5 | 11,3 | 10,7 | 1,11 | 1,05 | 1,17 |
| Тракторлор | 12,5 | 13,1 | 4,4 | 0,95 | 2,97 | 2,83 |
| ***Жыйынтыгында номенклатура боюнча (млн. АКШ доллары)*** | **3 450,1** | **3 501,5** | **2 711,2** | **0,99** | **1,29** | **1,27** |
| ***Жыйынтыгында номенклатура боюнча (жалпы импорттон %)*** | ***73%*** | | ***72%*** | | | |
| ***Бардыгы болуп импорт*** | **4 758,6** | | **3 781,7** | | | |

УСКнын СИФ баасындагы маалыматтары боюнча; таблицада импорттун баштапкы 61 ири статьясы келтирилген
n- товардын импортунун физикалык көлөмү
p-товардын эсептешүү импорттук баасы

**4-таблица. Баалардын индекси жана экспорттун физикалык көлөмүнүн 2012-жылдын январь-ноябрь айлары үчүн индекси**

| *Товардын аталышы* | *2012-ж. 11 ай* | *2011-ж. 11 ай* | *2011-ж. 11 ай* | *Индекстер* | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | *млн. АКШ долл.* | *млн. АКШ долл.* | *млн. АКШ долл.* | *баасы* | *физ. көлөмү* | *наркы* |
| | *n12*p12* | *n12*p11* | *n11*p11* | | | |
| | A | B | C | A/B | B/C | A/C |
| Монетардык эмес алтын | 411,7 | 378,1 | 927,1 | 1,09 | 0,41 | 0,44 |
| Жашылча-жемиштер | 134,5 | 104,8 | 124,7 | 1,28 | 0,84 | 1,08 |
| Мунай, мунай заттары жана ушундай эле материалдар | 105,4 | 86,9 | 87,0 | 1,21 | 1,00 | 1,21 |
| Органикалык эмес химиялык заттар | 88,4 | 17,8 | 28,0 | 4,98 | 0,63 | 3,16 |
| Жүк ташуу үчүн автоунаалар жана атайын багытка каралган автоунаалар | 70,3 | 54,3 | 20,0 | 1,30 | 2,72 | 3,52 |
| Баалуу металлдардан кендер жана аралашмалар | 51,2 | 33,8 | 15,8 | 1,52 | 2,13 | 3,24 |
| Электр тогу | 45,8 | 44,9 | 74,4 | 1,02 | 0,60 | 0,62 |
| Пахта | 30,5 | 35,2 | 26,6 | 0,87 | 1,32 | 1,15 |
| Чоюн жана болот | 23,6 | 16,7 | 15,9 | 1,41 | 1,05 | 1,49 |
| Көйнөктөр | 23,6 | 29,7 | 17,9 | 0,80 | 1,66 | 1,32 |
| Блузкалар, кофталар жана кофта-блузкалар | 22,0 | 28,4 | 20,7 | 0,78 | 1,37 | 1,07 |
| Май жана сырдан тышкары сүт жана сүт азыктары | 21,0 | 23,2 | 22,3 | 0,90 | 1,04 | 0,94 |
| Ысытуу лампалары | 19,4 | 18,8 | 19,4 | 1,03 | 0,97 | 1,00 |
| Шымдар, арчындама шымдар, бриджалар жана чолок шымдар | 18,9 | 22,2 | 16,1 | 0,85 | 1,38 | 1,18 |
| Токулган байпактар | 17,2 | 23,9 | 9,4 | 0,72 | 2,55 | 1,84 |
| Пальтолор, кыска пальтолор, жамынгычтар жана ушундай эле кийимдер | 12,5 | 19,5 | 11,7 | 0,64 | 1,66 | 1,06 |
| Иштетиле элек тамеки; тамеки калдыктары | 11,9 | 10,9 | 13,1 | 1,10 | 0,83 | 0,91 |
| Портландцемент, цемент | 11,4 | 10,4 | 7,8 | 1,10 | 1,33 | 1,47 |
| Аялдар жана кыздар үчүн трикотаж же токулган буюмдар | 11,2 | 11,5 | 18,7 | 0,98 | 0,62 | 0,60 |
| Металл сыныктары жана баалуулукка жатпаган түстүү металлдар | 11,1 | 9,4 | 7,9 | 1,18 | 1,18 | 1,40 |
| Металлургияда колдонулуучу баалуулукка жатпаган түрдүү металлдар | 10,5 | 14,8 | 8,7 | 0,71 | 1,70 | 1,20 |
| Резина дөңгөлөктөрү | 10,4 | 7,7 | 9,5 | 1,34 | 0,81 | 1,09 |
| Шымдар, арчындама шымдар, бриджилар жана чолок шымдар | 9,0 | 11,3 | 9,9 | 0,80 | 1,13 | 0,91 |
| Кагаз, картон жана алардан жасалган буюмдар | 8,8 | 8,3 | 8,4 | 1,07 | 0,99 | 1,06 |
| Юбкалар, юбка-шымдар | 7,9 | 10,1 | 8,9 | 0,78 | 1,13 | 0,88 |
| Металл сыныктары жана кара металл калдыктары | 7,1 | 7,0 | 11,7 | 1,02 | 0,60 | 0,61 |
| Тирүү жандыктар | 6,4 | 4,4 | 7,0 | 1,46 | 0,63 | 0,92 |
| Эт жана эт азыктары | 6,1 | 4,3 | 2,6 | 1,40 | 1,70 | 2,37 |
| Кол менен же машина менен иштетилүүчү инструменттер | 6,0 | 3,0 | 8,8 | 1,98 | 0,35 | 0,68 |
| Тамак-аш азыктары жана препараттар | 5,6 | 0,6 | 4,0 | 9,17 | 0,15 | 1,40 |
| Вертолеттор | 5,3 | 0,5 | 0,3 | 10,59 | 2,00 | 21,17 |
| Жасалма текстиль материалдарынан токулган кездемелер | 4,6 | 7,9 | 7,8 | 0,59 | 1,00 | 0,59 |
| Курулуш үчүн таштар жана алардан жасалган буюмдар | 4,6 | 3,7 | 2,7 | 1,25 | 1,36 | 1,71 |
| Жер семирткичтер | 4,6 | 4,6 | 3,3 | 0,98 | 1,41 | 1,39 |
| ***Жыйынтыгында номенклатура боюнча (млн. АКШ доллары)*** | **1 238,6** | **1 068,5** | **1 578,0** | **1,16** | **0,68** | **0,78** |
| ***Жыйынтыгында номенклатура боюнча (жалпы импорттон %)*** | ***83%*** | | ***88%*** | | | |
| ***Бардыгы болуп импорт*** | **1 484,4** | | **1 794,6** | | | |

УСКнын кошумча баалоолорусуз ФОБ баасындагы маалыматтары боюнча; таблицада экспорттун баштапкы 35 ири статьясы келтирилген.

n- товардын экспортунун физикалык көлөмү

p-товардын эсептешүү экспорттук баасы

# Глоссарий

**Акча базасы** – Улуттук банктын жүгүртүүгө чыгарылган нак акча каражаттары боюнча милдеттенмелери жана Улуттук банктын Кыргыз Республикасынын улуттук валютадагы башка депозиттик корпорациялар алдындагы милдеттенмелери.

**Акча топтому** – ликвиддүүлүк деңгээли боюнча классификацияланган акча массасы: М0; М1; М2; М2Х.

**М0** – банктардан тышкаркы акча.
**М1** – М0 + талап боюнча төлөнүүчү улуттук валютадагы депозиттер.
**М2** – М1 + улуттук валютадагы мөөнөттүү депозиттер.
**М2Х** – М2 + чет өлкө валютасындагы депозиттер.

**Базалык инфляция –** баанын кыска мөөнөттүү, структуралык жана сезондук өзгөрүүлөрүн эске албаган инфляция катары аныкталат. Башкача айтканда, инфляция көрсөткүчүн эсептөөдөн (начар түшүмдүн алынышы, КММ рыногунда баа таасири, газга жана электрэнергиясына ж.б. тарифтердин административдик өзгөртүлүшү сыяктуу) сезондук же тышкы факторлор менен шартталган, товарларга баанын өсүшү алынып салынат.
Улуттук банк базалык инфляция динамикасын жөнөкөй алып салуу ыкмасында эсептейт. Бул ыкма КБИден аларга белгиленген баа ар кандай таасирлерге өтө эле ийкемдүү болгон товарлар жана кызмат көрсөтүүлөрдүн айрым категорияларын же бүтүндөй тобун алып салууну түшүндүрөт. Адатта, мындай товарларга айрым азык-түлүк товарлары, энергопродукциялары жана Өкмөт тарабынан административдик жол менен белгиленген тарифтер кирет.
2010-жылдын апрелинен тартып Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети базалык инфляцияны жөнөкөй алып салуу ыкмасы менен эсептөөнү баштаган (2010-жылдын 29-апрелинде бекитилген №9 ыкмага ылайык). Эсептөөдө сүт, кант, мөмө-жемиш жана алкоголдук - тамеки продукциялары, КММ, «электрэнергиясы, газ жана отундун башка түрлөрү» товардык тобу, жүргүнчүлөрдү ташуу транспортунун кызмат көрсөтүүлөрү, байланыш жана башкалар. бүтүндөй алганда алынып салынуучу товарлардын үлүшү жалпы керектөө куржунунун 25 пайызын түзөт.

**Башка депозиттик корпорациялар –** бул, борбордук банктан тышкаркы, бардык финансылык корпорациялар – резиденттер, финансылык ортомчулук алардын ишинин негизги түрү болуп саналат жана алар кеңири мааниде колдонулуучу акча массасынын (М2Х) улуттук аныктамасына кирген милдеттенмелерди эмитирлешет.

**Жөнгө салуунун калыбына келтирилген мамлекеттик казына векселдери** – бул, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Улуттук

банк алдындагы карызын кайра тариздөөнүн натыйжасында, Финансы министрлиги тарабынан чыгарылган жүгүртүү мөөнөтү 3, 6 жана 12 айлык купондук баалуу кагаздар. Бул баалуу кагаздарды калыбына келтирүү төмөнкүчө: Улуттук банктын портфелиндеги МКВ(ж)лардын төлөө күнүндө Финансы министрлиги бир эле учурда төлөө менен бирге, төлөнгөн баалуу кагаздардын санына барабар санда, Улуттук банктын пайдасына МКВ(ж) лардын жаңы сериясын чыгарат.

**Жүгүртүүдөгү акча** – Улуттук банктын кассасындагы нак акчаларды эсептеп алып салуу менен Улуттук банк тарабынан жүгүртүүгө чыгарылган нак акча.

**Инфляция** экономикада керектөө баасынын жалпы деңгээлинин жогорулоосун түшүндүрөт. Инфляция деңгээлине сандык баа берүү үчүн керектөө баасынын индекси (КБИ) колдонулат. КБИ калайык-калк өндүрүштүк эмес керектөө үчүн сатып алган товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө баа деңгээлинин өзгөрүүсүн чагылдырат. Индексти эсептөөдө тандалып алынган 342 товардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн сатып алуу баасы колдонулат, тандалып алынгандар 7 шаардык жана 2 райондук борборлордогу соода жана кызмат көрсөтүү чөйрөсүнүн 1496 ишканаларына айына 45 миң баага чейинкини түзөт.

**Ички дүң продукциянын дефлятору** – бул, экономикадагы баалардын өсүшү эсебинен ИДӨдөгү өзгөрүүлөрдү мүнөздөгөн, экономика тармактарынын бааларынын жыйынтыктап алынган индекси. ИДӨнүн дефлятору өтүп жаткан жылдын баасындагы номиналдык ИДӨнүн өткөн жылдын баасындагы ИДӨнүн өлчөмүнө карата катышы катары эсептелинет.

**Калайык-калктын акчалай кирешелеринин квинтилдик топтор боюнча түзүмү** калктын кирешелеринин өлчөмү боюнча, алардын ар бири калктын 20 пайызынан турган 5 (квинтилдик) топтор боюнча дифференциацияланышын чагылдырат. Калктын кирешелерин дифференциациялоону аныктоонун мындай ыкмасы, калктын жалпы санын мисалы, коомдун жалпы кирешесин кирешеси көбүрөөк же аз кирешелүү топторго кирген калктын үлүшүнө бөлө алгандай негизде, беш бирдей топко бөлүүнү болжолдойт.

**Мамлекеттик бюджеттин операциялык ишке чыгашалары** – бул, финансылык эмес активдерди сатып алуу боюнча операцияларды кошпогондо, мамлекеттик башкаруу секторунун активдеринин таза наркынын азайышына алып келген бардык операциялар.

**Мамлекеттик казына векселдери** – Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн кыска мөөнөттүү (3, 6 жана 12 айлык) дисконттук баалуу кагаздары. Финансы министрлиги МКВлардын эмитенти болуп саналат. МКВларды

жайгаштыруу Улуттук банк тарабынан өткөрүлгөн аукциондор аркылуу жума сайын ишке ашырылат. Тике катышуучулар аукциондорго катышуу укугуна ээ (Улуттук банк менен келишим түзүшкөн алгачкы дилерлер, финансы-кредиттик мекемелер). Юридикалык жактар сыяктуу эле, жеке адамдар дагы Кыргыз Республикасынын МКВларынын ээси боло алышат. Чет өлкө инвесторлорунун МКВлар рыногуна кирүү мүмкүнчүлүгү чектелген эмес. МКВлардын экинчилик рыногундагы бүтүмдөр Улуттук банктын электрондук соода системасы аркылуу жүзөгө ашырылат, ал алгачкы дилерлерге жана алардын кардарларына МКВларды өз жумуш ордуларынан сатып алуу/сатуу боюнча операцияларды жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк түзөт.

**Мамлекеттик казына облигациялары** – Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн пайыздык кирешеси (купон) жана жүгүртүү мөөнөтү 1 жылдан жогору болгон узак мөөнөттүү мамлекеттик баалуу кагаздар. Финансы министрлиги МКОнун эмитенти болуп саналат. Улуттук банк, МКОнун чыгарылыштарын тейлөө боюнча Генералдык агенттик болуп саналат.

**Ноталар** – бул, Улуттук банк тарабынан 7, 14, 28, 91 жана 182 күндүк мөөнөткө жумалык аукциондордо жүгүртүүгө чыгарылган мамлекеттик кыска мөөнөттүү баалуу кагаздар. Алардын кирешелүүлүгү коммерциялык банктардын талабы жана сунушуна жараша аныкталат. Банк тутумунан улуттук валютадагы ликвиддүүлүктү алып салуу, ноталардын аукциондорун өткөрүү максаты болуп саналат.

**«Овернайт» кредити** улуттук валютада күрөөлүк камсыздоо алдында, банктын кыска мөөнөттүү ликвиддүүлүгүн колдоо үчүн бир күнгө берилет. Күрөөлүк камсыздоо катары Кыргыз Республикасынын Улуттук банк аркылуу жайгаштырылган, «овернайт» кредити берилген күндөн тартып 12 айга чейинки төлөө мөөнөтүнө ээ, мамлекеттик баалуу кагаздары кабыл алынат. Алар боюнча пайыздык чен Улуттук банктын эсептик ченинен 1,2 өлчөмүндө белгиленет. Бул кредит коммерциялык банктын демилгеси боюнча пайдаланылат.

**Өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекси** – жергиликтүү өндүрүүчүлөр тарабынан өз продукцияларынын алынган сатуу баасындагы орточо өзгөрүүлөрдү өлчөйт. КБИ эсептөөлөрүндө колдонулган маалыматтар экономиканын өндүрүш секторунун дээрлик ар бир тармагынын ишин чагылдырган 148 ишканадан алынат. Бул ишканалардын тизмесине тиешелүү регионго мүнөздүү болгон жана менчик формасынан көз карандысыз ошол өнөр-жай тармагы үчүн типтүү болгон ишканалар кирет.

**Өндүрүштүк ажырым (же ИДӨ ажырымы)** – бул, ИДӨнүн потенциалдуу мүмкүн болуучу жана айкын көлөмүнүн ортосундагы айырма. Өндүрүштөгү ажырым экономиканы активдештирүү жана стагнациялоо индикатору

болушу мүмкүн. Эгерде айкын ИДӨ потенциалдуудан аз болгон шартта ($Y<Y^*$), экономикада «рецессия ажырымы» түптөлгөн деп эсептөө кабыл алынган, ал дефляциялык процесстердин болушунун ыктымалдуулугун көрсөтөт. Ал эми тескерисинче, айкын ИДӨ потенциалдуудан чоң болгон ($Y>Y^*$) шартта, чогуу алгандагы суроо-талаптын өсүшү чогуу алгандагы сунуштун өсүшүнөн артат, бул инфляциялык басымдын күчөшүнө түрткү берет.

ИДӨ ажырымы айкын жана потенциалдуу ИДӨнүн катышы катары эсептелет:

$$GAP_t = \frac{GDP_t}{GDP_POT} - 1$$ мында:

$GAP_t$ – t убагындагы ИДӨнүн ажырымы
$GDP_t$ – t убагындагы айкын ИДӨ
$GDP_t_POT$ – потенциалдуу ИДӨ

**Своп-операциялар** – бул, улуттук валютадагы акча каражаттарын чет өлкө валютасындагы эквиваленттүү суммага алмашуу, же тескерисинче алдын-ала макулдашылган шарттарда негизги суммаларды жана чегерилген пайыздарды кайтара алмашуу милдеттенмеси менен ишке ашырылган операциялар.

**Улуттук банктын репо-операциялары** – бул, мамлекеттик баалуу кагаздарды келечекте белгиленген күнү жана алдын-ала макулдашылган баада кайтара сатуу/сатып алуу милдеттенмеси менен сатып алуу (тике репо)/сатуу (кайтарым репо) операциясы.

**Финансылык эмес активдер** экономикалык активдердин төмөнкү категорияларын өзүндө камтыйт: негизги фондулар, материалдык жүгүртүү каражаттарынын запастары, баалуулуктар жана өндүрүлбөгөн активдер (табигый жана материалдык эмес).

**Эсептик чен** – бул, экономикадагы акча ресурсунун наркын аныктоо үчүн негизги ориентир катары пайдаланылган каражат. Эсептик чендин өлчөмү, Улуттук банктын ноталарын жайгаштыруу боюнча акыркы төрт аукциондогу банктын 28 күндүк ноталарынын кирешелүүлүгүнүн орточо белгисине теңештирилген.

**GSCI-ag** (Goldman Sachs Commodity Index-agricultural) – физикалык азык-түлүк (айыл-чарба) товарларына жигердүү сатылуучу фьючерстик контрактылардын баа индекси – бул биржалык товарларды топ катары көрсөтүү үчүн «Goldman Sachs» инвестициялык банкы тарабынан иштелип чыккан.

## Кыскартылган сөздөрдүн тизмеси

| | |
|---|---|
| ИДӨ | Ички дүң продукт |
| МКВ | Мамлекеттик казына векселдери |
| МКВ (ж) | Жөнгө салуунун калыбына келтирилген мамлекеттик казына векселдери |
| МКО | Мамлекеттик казына облигациялары |
| МИ | Мамлекеттик ишкана |
| КММ | Күйүүчү-майлоочу материалдар |
| МБК | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик бажы кызматы |
| ДКН | Дүң кошумча нарк |
| КБИ | Керектөө бааларынын индекси |
| ӨБИ | Өндүрүүчүлөрдүн баа индекси |
| АКЖК | Акча-кредиттик жөнгө салуу комитети |
| КР | Кыргыз Республикасы |
| АЧМ | Айыл-чарба министрлиги |
| КР УБ | Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы |
| ҮЧТКУ | Үй чарбасын тейлеген коммерциялык эмес уюмдар |
| УСК | Улуттук статистика комитети |
| БФКМ | Банктык эмес финансы-кредиттик мекеме |
| ЖЧК | Жоопкерчилиги чектелген коом |
| СИФ | Импортердун чек арасындагы баа (cost, insurance, freight) |
| КМШ | Көз карандысыз Мамлекеттер шериктештиги |
| АКШ | Америка Кошмо Штаты |
| СФРБ | Банктарды рефинансылоонун адистештирилген фонду |
| ФОБ | Экспортер өлкөнүн чек арасындагы баа (free on board) |
| GSCI-ag | Goldman Sachs Commodity Index-agricultural |